**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

*Кол жазма укугунда*
*УДК 342.3;4;5;6;7.*

**Диссертациялык кеңеш Д 12. 23. 669**

**Колсариева Назира Шаршенбековна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЯСИЙ ТУТУМУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

12.00.01. – Укук жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы;
12.00.02 – Конституциялык укук; муниципалдык укук.

Юридикалык илимдеринин доктору
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн
жазылган диссертациянын
авторефераты

**Бишкек-2024**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Мамлекет жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасында аткарылды.

**Илимий консультанты**: юридикалык илимдеринин доктору, профессор
**Э.Э. Дуйсенов,**
аль-Фараби атындагы Казак улуттук университети, Башкаруу кеңешинин төрагасынын орун басары, биринчи проректор

**Расмий оппоненттер:** **Джумагулов Айдар Муратович,**
**юридика илимдеринин доктору**, доцент, Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин «Эр аралык жана конституциялык укук» кафедрасынын башчысы

**Ботоева Чынара Кычийевна,**
юридика илимдеринин доктору, профессор Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж.Абдрахманов атындагы мамлекеттик башкаруу Академиясынын «Юриспруденция жана философия» кафедрасынын профессору

**Мамбеткулов Арстан Шамильевич,**
юридика илимдеринин доктору, профессор

**Жетектөөчү уюм:** Д. Кунаев Университети
(Казахстан Республикасы, Алматы ш,
Курмангазы көчөсү, 107)

Диссертацияны коргоо 2024 жылдын «18» октябрында саат 14.00. Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин, Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин алдында юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д 12.23.669 диссертациялык кеңешинин отурумунда өтөт. Дареги: 7230033, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Киев көчөсү 132, конференц-зал (209 кабинет). Конференциянын идентификациялык коду https://vc.vak.kg/b/122-3zo-lwo-cjw

Диссертация менен төмөнкү китепканалардан таанышууга болот: Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети (7240024, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Жибек-Жолу көчөсү, 394), Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университети (720000, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Киев көчөсү,) 44, ошондой эле https://vak.kg/ сайттарында.

Автореферат 2024 жылдын "18" сентябрында таркатылды.

**Диссертациялык Кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин кандидаты:** **Сагыналиева В.Ж.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Кыргызстандагы саясий реформалар эгемендүү, укуктук мамлекетти түзүүнүн, кыргызстандык демократиялык социумдун саясий системасынын институттарын өнүктүрүүнүн негизи болуп калды. Кыргыз Республикасында демократиялык, укуктук мамлекеттүүлүктү калыптандыруу социалдык-укуктук реалдуулуктун терең көрүнүштөрүн козгогон эволюциялык узак процесс болуп саналат. Бул мамлекет куруунун табиятынын манисине карата көз караштарды ата мекендик мамлекет таанууда кайра карап чыгуу зарылдыгын шарттады.

Албетте, укуктук мамлекетти калыптандыруу шарттарындагы эң маанилүү маселелердин катарында Кыргызстанда саясий системанын негизги институттарынын иштөө көйгөйү бар экендигин моюнга алуу керек.

Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы жарыяланган мезгилден тартып саясий система жөнүндө активдүү издөө жана дискурс жүргүзүлүп турууда. Алсак, диаметралдык көз караштар мамлекеттүүлүктүн калыптанышынын тарыхый өзгөчөлүктөрүн, мамлекеттин саясий системасын өнүктүрүүнүн экономикалык, саясий жана социалдык өбөлгөлөрү жана негиздери эске алынбаган, чет өлкөлүк мамлекет куруу жана мамлекеттик органдарды уюштуруу тажрыйбасын жетиштүү түрдө ойлонуштурбай кабыл алуу менен берилген. Ошондой эле, Кыргыз Республикасы эгемендүүлүктү алгандан бери экономикалык жана социалдык-саясий чөйрөдө кескин секирик болду.

Глобалдык дүйнө тартибинин контекстинде Кыргыз Республикасынын саясий системасынын калыптануу жана өнүгүү көйгөйү, модернизация концепциясы батыш демократия тажрыйбасын түшүнүү менен алып караганда бүтүндөй Евразия мейкиндигинде саясий процесстерди талдоо контекстинде саясий-укуктук реалдуулукка толук түрдө ылайык келбегендиги менен байланыштуу экендигин таануу максатка ылайыктуу.

Ушуга байланыштуу, Кыргызстандын саясий системасын конституциялык-укуктук регламенттөө өзгөчөтүктөрүн, негизги багыттарын жана механизмдерин аныктоо аркылуу Кыргызстандын саясий системасынын институционалдык өнүгүшүн комплекстүү изилдөө абдан актуалдуу жана өз убагында. Коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүн демократиялаштыруу процесстери жаңы көрүнүштөрдүн маанисин объективдүү чагылдырган түшүнүк аппаратын өркүндөтүүнүн зарылдыгын актуалдаштырды жана аларды изилдөөнүн натыйжалуу каражаты болуп калды.

XX кылымдын 50-60-жылдардын аягында коомдун саясий уюштуруу жөнүндө теориялык жобосу иштелип чыккан. Берилген түшүнүк ө залдынча категория маанисине ээ болду. Мында атайын мамлекеттик жана коомдук-саясий мекемелер жана социумда түздөн-түз саясий функцияларды аткарган институттар негиз болуп таанылган, башкача айтканда, маселеге укуктук мамиле басымдуулук кылган. Саясий уюштуруу берилген көз караштан алганда коомдук саясий жашоосунун бардык тараптарын камтыган эмес.

Демократиялык революциялардан жана толкундоолорду өткөн Кыргыз Республикасы тийиштүү деңгээлдеги ачыктыгы, жалпы мамлекеттин жана атап айтканда саясий системасынын демократиялуулугу менен айырмаланат. Кыргызстан эгемендүү мамлекеттин Башкы мыйзамын кабыл алып, алтернативдүү президенттик интитутун түптөп, ошону менен келечекке социумду кеңири масштабдуу демократиялаштыруу менен камсыз кылды.

Демек, аталган ыкманы ишке ашыруу Кыргызстандын саясий модернизациялынышынын маанисин, табиятын, мазмунун жана өзгөчөлүктөрүн, анын өнүгүү келечегинин оптималдуу багыттарын түшүнүүгө өбөлгө түзөт. Бул логикалык-укуктук байланышта берилген изилдөө дүйнө тартибинин глобалдык кайра куруу жана

кайра түзүү шарттарында ийгиликтүү саясий модернизациялоо үчүн актуалдык теориялык-прикладдык мааниге ээ.

Азыркы саясий-укуктук учурду таануу процессинин курамдык бөлүгү катары саясий системанын конституциялык эволюциясынын талдоосун актуалдаштырууга юридикалык илимий адабиятта жана башка социогуманистиканын багыттарында саясий институттарга жана процесстерге тиешелүү конституциялык, улуттук мыйзамдарды изилдөө мамлекет жана укук, конституциялык укук теориясын өнүктүрүү контекстинде каралгандыгы өбөлгө түздү.

Албетте, аталган илимий проблемалардын өзгөчө маанилүүлүгү Конституциянын жана саясий системанын өнүгүшүнө таасир берүүчү мыйзамдардын тыгыз өз ара байланыштары менен түздөн-түз байланыштуу. Кыргызстандын саясий системасынын айрым түзүмдүк элементтеринин ролу жана мааниси жана алардын конституциялык статусу боюнча маселелердин ийгиликтүү чечилишинен жалпы жарандык коомдун түзүлүү жана иштөө процесси көз каранды.

Демократия феномени - саясий бийликти жана башкарууну уюштуруу формаларынын, тарыхый шартталган көрүнүшү, ошондой эле бүтүндөй социалдык прогресстин дагы, анткени ал социогумнатаристиканын ажырагыс тармагы жана анын конституциялык-укуктук илиминин курамдык бөлүгү катары таанылган.

Изденүүчү, башкаларга, мурда башка тарыхый шарттарда болгон демократиянын формаларын автоматтык түрдө которуу-калькалоо мүмкүн эмес деп эсептейт. Ошол эле учурда, демократия азыркы бийлик институттарынын баштапкы принциптеринин негизги позициясы менен, демек, алардын мыйзамдуулугун, укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу, саясий чечимдерди кабыл алуу механизми жана электораттын бул процессинде саясий катышуу деңгээли менен чогуу салыштырууга болот.

Жогоруда белгиленгендей, институттардын комплекстүү, салыштырма конституциялык-укуктук талдоосу бийлик бутактарынын, демократиялык институттардын жана бийлик органдарынын түзүмдөрүнүн гомогендүүлүгүн (бир тектүүлүгүн), партиялык системалардын болушун жана иштешин, маданий-саясий доминанттарды камтыйт деп ырастоого болот. Бийлик менен партиялардын, өкмөт менен жарандардын, мекемелердин ортосундагы мамилелерди изилдөө саясий катышуунун формалары жана түрлөрү болуп эсептелет.

**Диссертациянын темасынын илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык изилдөө изденүүчү тарабынан демилгеленген.

**Изилдөө объектиси** болуп Кыргыз Республикасынын саясий системасынын калыптануу процесстери менен байланышкан конституциялык -укуктук мамилелер эсесптелет.

**Изилдөө предмети** болуп Кыргыз Республикасынын саясий системасынын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн теориялык-укуктук жана ченемдик негиздери саналат.

**Изилдөөнүн максаты** - Кыргыз Республикасынын саясий системасынын конституциялык-укуктук өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктоо. Берилген максат төмөнкүдөй милдеттерди коюуга жана чечүүгө көмөк берет:

– конституциялык-укуктук илим контекстинде саясий системаларды изилдөөнүн теориялык жана методологиялык принциптерин аныктоо;

– жалпы теориялык көз караште “саясий система” категорясынын мазмунун жана аныктамасын иштеп чыгып, толуктоо;

– Кыргызстандын социумунда ишке ашкан саясий системанын негизги белгилерин жана иш-мүнөздөмөлөрүн аныктоо;

– саясий модернизациялоонун мазмунунун маанисин, ошондой эле конституциялык мыйзамдардын ченемдерин жөнгө салган саясий системалардын институционалдык негизги концепцияларын аныктоо;

– Кыргыз Республикасынын саясий системасын демократизациялоонун теориялык-укуктук, конституциялык-укуктук жана методологиялык бир катар аспектилерин калыптандырууга өбөлгө түзүү;

– укук илимдериндеги болгон саясий ситемалардын типологиясын жана негизги моделдерин, алардын өз ара байланышын жана өзгөчөлүктөрүн талдоо;

– саясий жана укуктук реформалар көз карашы менен Кыргыз Республикасынын саясий системасын институционалдаштыруунун өзгөчөлүгүн карап чыгуу жана аныктоо;

– Кыргызстанда парламентаризмдин калыптанышынын жана иштешинин негизги өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

– Кыргызстандагы азыркы саясий системанын саясий-укуктук негиздерин талдоо;

– Кыргыз Республикасындагы партиялык куруунун калыптануу жана айкындуулук факторлорун талдоо;

– азыркы күндүн шарттарында Кыргыз Республикасынын өнүгүү келечегин аныктоо жана талдоо.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы**, сунушталган изилдөө Кыргыз Республикасынын саясий системасынын институционалдык өнүгүү процесстерин комплекстүү конституциялык-укуктук талдоо аракеттеринин бири болуп саналат, мында саясий системаларды модернизациялоо үчүн маанилүү теориялык-колдонмо мааниге ээ болгон бир катар аспектилер актуалдаштырылган

Илимий жаңылык, ошондой эле саясий системалардын өнүгүү аспектилери саясий жана укуктук реформалардын контекстинде теориялык-методологиялык горизонтторду кеңейтип, саясий системалардын өзгөчөлүктөрүн жалпылаган концептуалдык жоболорду эске алуу менен каралгандыгы менен шартталган. Ошондой эле жарандардын саясий жигердүүлүгүнүн деңгээлин эске алуу менен демократиялык түзүлүштүн контекстинде саясий системаны институционалдык өнүктүрүүнүн мүмкүн болгон механизмдери сунушталат.

Кыргыз Республикасында саясий системасынын калыптандыруу жана өнүктүрүү проблемаларын изилдөөнүн жыйынтыктары, төмөнкүдөй **натыйжалар** болду:

– конституциялык-укуктук илим контекстинде саясий системаларын изилдөөнүн теориялык -методологиялык принциптери аныкталды жана негизделди;

– жүргүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде жалпы теориялык көз караште “саясий система” категориясынын мазмуну жана аныктамасы иштелип чыкты жана толукталды;

– Кыргызстандын социумунда ишке ашкан саясий системанын негизги белгилери жана иш-мүнөздөмөлөрү аныкталды;

– изилдөөнүн натыйжасында саясий модернизациялоонун мазмунунун маанисин, ошондой эле конституциялык мыйзамдардын ченемдерин жөнгө салган саясий системалардын институционалдык негизги концепциялары аныкталды;

– Кыргыз Республикасынын саясий системасын демократиялаштыруунун бир катар теориялык-укуктук, конституциялык-укуктук жана методологиялык аспектилеринин калыптанышына өбөлгө түздү;

– укук илимдериндеги болгон саясий ситемалардын типологиясына жана негизги моделдерине, алардын өз ара байланышына жана өзгөчөлүктөрүнө талдоо жүргүзүлдү;

– саясий жана укуктук реформалар аркылуу Кыргыз Республикасынын саясий системасын институционалдаштыруунун өзгөчөлүгү каралып чыкты жана аныкталды;

– Кыргызстанда парламентаризмдин калыптанышынын жана иштешинин негизги өзгөчөлүктөрү аныкталды;

– Кыргызстандагы азыркы саясий системанын саясий-укуктук негиздери талданды;

– Кыргыз Республикасындагы партиялык куруунун калыптануу жана айкындуулук факторлору талданды;

– азыркы күндүн шарттарында Кыргыз Республикасынын өнүгүү келечеги аныкталды жана талданды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси** негизги жоболорду, изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча алынган тыянактарды жана практикалык сунуштарды колдонуу, ошондой эле аларды социалдык-саясий илим, анын ичинде политологиянын алкагында социалдык-саясий көрүнүш катары саясий системалардын институционалдык өнүгүүсүн камсыз кылуу, ишке ашыруу жана өркүндөтүү маселелерин карап чыгууда ишке киргизүү мүмкүнчүлүгү менен аныкталат.

Изилдөөнүн натыйжалары жана жыйынтыктары мамлекеттик органдардын жана коомдук бирикмелердин практикалык ишинде Кыргызстандын саясий системасын оптималдаштыруу чараларын иштеп чыгуу үчүн колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн илимий-практикалык жыйынтыктары окуу куралдарын даярдоо, студенттер жана аспиранттар үчүн атайын курстарды иштеп чыгуу процессинде база боло алат жана “мамлекет жана укук теориясы”, “Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу” курстарына киргизүүгө болот.

Алынган жыйынтыктардын экономикалык баалуугу. Жүргүзүлгөн анализдин негизинде жыйынтыктардын экономикалык баалуугу мамлекеттик башкарууну оптимизациялоодо, жаңы министрликтерди жана ведомстволорду калыптандырууда , алардын сандык штатын өркүндөтүү, министрликтерге караштуу структуралык бөлүктөрүнүн ортосунда ыйгарым укуктарын жана компетенцияларды ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде кайра бөлүштүрүүдө каралашы мүмкүн.

Жыйынтыктардын экономикалык баалуугу ошондой эле мамлекеттик гранттарды жана долбоорлорду тартуу менен илимий- изилдөө борборлордун жана жогорку окуу жайлардын деңгээлинде прикладдык мүнөздөгү илимий изилдөөлөрдүн комплексине багытталышы мүмкүн.

**Коргоого каралган негизги жоболор:**

1. Кыргызстандын саясий системасынын теориялык-укуктук жана институционалдык өнүгүүсү бийлик мамилелеринин демократиялык жолун жүзөгө ашырууну билдирет. Жарандык коом менен бийликтин корреляциясынын заманбап түрүн калыптандыруу кыргыз социумун демократиялаштыруунун динамикалык процесси катары укуктарды жана эркиндиктерди иш жүзүндө ишке ашырууга багытталат.

2. Саясий системанын моделин тандоо, андан ары ырааттуу конституциялык реформалоонун контекстинде Кыргыз Республикасынын Башкы Мыйзамында советтик (Кеңештер) жана жаңы (Президент, бийликти бөлүштүрүү институту) саясий-укуктук институттардын оптималдуу айкалышын өзүнө камтыды.

3. XX кылымдын 1990-жылдардын башынан тартып СССРдеги трансформациялык процесстер контекстинде болуп өткөн кыргыз социумунун саясий системасынын түзүлүү процессин мыйзам ченемдүү деп таануу максатка ылайык. Ал жаңы саясий-укуктук реалдуулукта республикалардын эгемендүүлүгүнүн жана көз карандысыздыгынын башаты катары улуттук өзүн-өзү аныктоону камсыз кылды.

4. Кыргызстандын саясий системасынын өзгөрүшүнүн мазмундуу сапаттарын-мүнөздөмөлөрүн Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамында конституциялык негиз болгон аспектилердин мазмунундагы өзгөрүүлөр менен шартталган саясий мамилелердин жана процесстердин сапаттуу өзгөрүүсү катары чагылдырса болот, атап айтканда: мамлекеттин формасы, башкаруу жана саясий режим формасы; мамлекеттик-бийлик аппаратын институционалдык жүзөгө ашыруу; демократиялык жарандык коомду жана укуктук мамлекетти түзүү.

5. Кыргыз Республикасынын учурдагы саясий системасы Конституцияда бекитилген демократиялык саясий принциптердин, ченемдердин жана процедуралардын негизде түзүлөт. Бирок демократиянын жалпы кабыл алынган критерийлери туруктуу эволюцияны талап кылган институттар системасы менен толук байланышта эмес.

6. Азыркы социумдун позитивдүү тенденцияларынын бири болуп жаңы саясий элиталарды калыптандыруунун туруктуу процесстеринин жүрүшүндө калктын бардык катмарынын активдүү саясатташуусунун фонундагы саясий туруктуулук саналат, бул 2005 жана 2010-жылдардагы бийликтин конституциялык эмес алмашуусу менен далилденет. Салыштырмалуу аз убакыт өткөндүктөн жана бул процесстердин укуктук маңызына баа берүү укуктук эмес, ачык-айкын саясий мүнөзгө ээ болгондуктан, азыркы этапта кризистен этап-этабы менен чыгуу жана Кыргыз Республикасынын андан ары социалдык-экономикалык өнүктүрүү үчүн коомдогу күчтөрдү жана мамлекеттин институттарын интеграциялоого багытталган принципиалдуу жаңы ички саясатты түзүү зарыл.

7. Кыргыз Республикасынын саясий системасында бир партиялуу тоталитардык-авторитардык системадан көп партиялуулукка өтүү 1985-2010-жылдардын ортосунан тартып эволюциянын жыйынтыктарынын бири катары берилген. Андан ары парламенттик башкаруу формасына өтүү парламенттик азчылыктын пикирин эске алуу менен көпчүлүк добуш менен парламенттик партиялардын жана алардын фракцияларынын өз ара аракеттенүүсүнүн табигый, такталган процесси катары саясий аракеттерди кабыл алууга багытталган. Чындыгында, учурда партиялардын жана алардын парламенттик фракцияларынын жоопкерчилиги натыйжалуу камсыздалбай, 2020-жылдын аягында ковид-19 пандемиясы менен татаалдашкан дүйнөлүк кризистин шартында дагы бир социалдык-саясий кризиске алып келди.. Бирок иш жүзүндө парламенттик азчылыктын пикирин эске алуу менен саясий чечимдерди кабыл алуу да, партиялардын эл алдындагы жоопкерчилиги да так байкалбайт.

8. Жаңы саясий системаны түзүү процессы негизинен саясий-укуктук мамилелердин плюралисттик мүнөзүнүн калыптанышына жана бекемдешине алып келди, ал бул өзүнүн жаңы тарыхында бир нече элдик революцияларды башынан өткөргөн мамлекеттин прогрессивдүү, эволюциялык өнүгүшүн камсыз кылат жана мындан ары бийликти узурпациялоо, саясий процесстердин контролсуз калыптанышы менен чектешкен мындай ыкмаларды Кыргыз мамлекеттүүлүгү үчүн мактоого татырлык эмес деп кабыл албайт жана аны формасы жана мазмуну боюнча антидемократиялык катары көрсөтөт. Демек, 2021-жылдын 10-январына тартып Кыргыз Республикасында жалпы референдумдун жыйынтыктарына негизделген демократиялык процесстердин жаңы моделин түзүү жаңы түшүнүгү актуалдаштырылууда .

9. Кыргызстандын саясий системасын модернизациялоо процессинде аймактык бүтүндүктү жана эгемендүүлүгүн сактоо контекстинде тышкы саясий аспектилер олуттуу ролду ойнойт, анткени башка мамлекеттердин тажрыйбасы кыргыз социумундагы наразычылыктын күчөшүн ачык көрсөтүп турат.

10. Коомдун саясий уюмунун кененирээк жана дифференцияланган интерпретациясы - мамлекеттик мекемелер жана коомдук бирикмелер, ошондой эле коллективдердин бардык түрлөрү жана алардын ортосундагы мамилелер болот деген ой келип чыгат. “Саясий система” категориясы саясий мамилелердин негизги категорияларын айырмалайт. Мамлекетти, партияларды, коомдук-саясий кыймылдарды, кесиптик бирикмелерди, чиркөө бирикмелерин, жалпыга маалымат каражаттарын туюндурган саясий институттардан турган институционалдык системадан саясий системаны бөлүү, өзүнө укук ченемдерин, салтты, адеп-ахлакты, этиканы камтыган ченемдик подсистеманын калыптанышын шарттады, ошондой эле функционалдык подсистеманы, башкача айтканда саясий ишмердүүлүктүн формаларын жана багыттарын, бийликти жүзөгө ашыруунун ыкмаларын жана методдорун алдын ала аныктады.

11. Кыргыз Республикасында саясий бийлик экиге бөлүнүп, конституциялык же демократиялык бийлик катары классификациялангандыгы таанылат. Демократиялык кайра түзүүлөргө багыт катары саясий модернизациялоо ички булактардын оптималдуулугуна жана парламентаризмдин алгылыктуу багыттарына, мамлекеттик

башкаруунун ар кандай аспектилерин демократиялаштыруунун жана бүтүндөй саясий маданиятты өзгөртүүнүн өбөлгөсү катары болжолдонгон кыргыз социуму үчүн актуалдуу болуп саналат.

**Изденүүчүнүн жеке салымы** Кыргыз Республикасынын саясий системасынын конституциялык-укуктук жана институционалдык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктоодо комплекстүү талдоо менен аныкталат. Ошондой эле түзүлгөн сунуштар жана илимий-практикалык сунуштар Кыргыз Республикасынын саясий системасынын өзгөчөлүгүн оңдоого мүмкүндүк берет. Негизги жыйынтыктар жана тыянактар студенттердин жана магистранттардын жана аспиранттардын окутуу процессиндеги билим берүү программаларында колдонулат. Иш өз алдынча аткарылган, изилдөө жоболору өз алдынча мүнөзгө ээ жана көп жылдык изилдөө жана издөө эмгегинин натыйжасында жетишилген.

**Сыноо жана изилдөө жыйынтыктарын ишке ашыруу.** Докладдар, макалалар жана чыгып сүйлөөлөр түрүндөгү диссертациялык иштин негизги жоболору ар кандай эл аралык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда жана форумдарда баяндалган. Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын ЖАК тарабынан керектүү санда сунушталган мезгилдүү басылмалардагы илимий-теориялык мүнөздөгү басылмаларда баяндалды.

**Диссертациянын жыйынтыктарын чагылдыруунун толуктугу.** Изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз жана чет өлкөлүк басылмаларда жарыяланган 40 автордук басылмаларда, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу ЖАК талаптары боюнча аткарылган РИНЦ басылмаларынын тизмесинде чагылдырылган.

**Изилдөө түзүмү**. Түзүмдүк планда иш диссертациялык иште коюлган максаттарга жана милдеттерге ылайык. Изилдөө кириш сөздөн, 14 бөлүмдөн турган 4 главадан, жыйынтыктардан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабият тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Кириш сөздө** диссертациянын темасынын актуалдуулугунун негиздемеси берилет, максаты жана милдеттери, изилдөөнүн жыйынтыктарынын илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, апробациясы, изилдөөнүн жыйынтыктарын жарыялоо, диссертациянын түзүмү жана көлөмү аныкталат.

**Глава биринчи “Коомдун саясий системасын түзүү проблемаларына илимий-аналитикалык сереп”** төрт бөлүмдөн турат.

**Биринчи главасынын “Саясий системанын калыптанышынын жана иштешинин тарыхый-теориялык көйгөйлөрү: жалпы теориялык аспект”** биринчи бөлүмүндө изденүүчү тарабынан коомдун саясий системасынын маанисинин жана мазмунунун маселелери деталдаштырылат, ага чейин категориянын өзү да, анын социумду башкаруу системасына ылайыкташуусу да калыптануунун узак этабы болгон.

Саясий система өзүнүн массивине саясий функцияларды, башкача айтканда - мамлекеттик бийликтин иштеши менен байланышкан ишти жүзөгө ашырган мамлекеттик жана мамлекеттик эмес институттардын салмактуу жана мазмуну боюнча сыйымдуу көлөмүн киргизет. Аталган система бардык элементтердин интеграциясын жана анын саясий бийлик башкарган бирдиктүү катары болушун камсыз кылууга багытталган. Диссертант “саясий система” категориясы ар кандай маанилүү мазмунга ээ жана саясий режимдин (авторитардык, демократиялык) түрү, саясий системанын (президенттик, парламенттик) түрү, бийлик мамилелери (партиялар, өкмөт); коомдук жана саясий ишмердүүлүктүн формалары (плюрализм, корпоративизм) менен окшош формада иштейт деп эсептейт.

Изденүүчү аталган категория илимий ой жүгүртүүдөгү көз караштардын жана позициялардын контекстинде өзүнчө, фрагменттик эскерүүлөрдөн баштап кандай маанилик мазмунга ээ экенине көңүл бурат.

Изденүүчү аталган категория илимий ой жүгүртүүдөгү көз караштардын жана позициялардын контекстинде өзүнчө, фрагменттик эскерүүлөрдөн баштап кандай маанилик мазмунга ээ экендигине көңүл бурат.

Ошентип, Аристотель өзүнүн белгилүү “Саясат” эмгегинде саясий системаларды дифференциациялоонун критерийлерин карайт: чечим кабыл алууга катышкан жарандардын саны боюнча; укуктук чектөөлөрдүн болушу же жоктугу боюнча; башкаруучу класстын басымдуу өзгөчөлүгү боюнча. Көрсөтүлгөн градацияны негиз катары алып, ал “нормалдуу” жана “коррупциялашкан” системаларды - монархияны, аристократияны жана укук тартиби (мамлекеттин) шарттарындагы демократияны; тиранияны, олигархияны жана мажоритардык демократияны (чектөөсүз) бөлүп алган. [Аристотель. Сочинения в 4 т. - М., Т. 1, [Текст] / Изд.2-е .2005.с.367].

Диссертант “саясий система” деген түшүнүктүн пайда болушуна чейин илимий көз караштан аталган проблеманы түшүнүү болгонун, ал табигый укук идеяларынын пайда болушу менен тыгыз корреляцияда деп эсептейт. Байыркы грек философтору Ликофрон, Антифон жана башкалар бардык адамдар төрөлгөндөн баштап бирдей жана жаратылыш берген бирдей укуктарга ээ деп туура ишенишкен.

Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы курсунан белгилүү болгондой, кийинки мезгилде, феодализмдин калыптанышына чейин, табигый-укуктук идеялар диний көз караштарга багыт алган, Дж. Локк, Монтескье [Монтескье Ш. Избранные произведения [Текст] /. - М., Политиздат. 1995. с. 231], Ж.-Ж. Руссо, И. Кант, Бентам жана башкалардын эмгектеринде андан ары теориялык негиздемеси жана өнүгүүсү берилген. Саясий системанын иштешинин тең салмактуулугуна жетишүүдө бийликтин оптималдуу түзүлгөн уюмуна, күчтөрдүн тең салмактуулугун издөөгө берилерин да белгилей кетүү маанилүү. Ошентип, өз убагында Чыгыш мамлекеттери үчүн бийлик салттуу түрдө “атасы, асман уулу, кудайлардын падышасы” менен аныкталган. Монарх светтик бийликти гана эмес, руханий, диний, харизма сапаттарын да чагылдырган. Мисалы, мусулман системасындагы халиф - мамлекет башчысы жана руханий башчы (Иран).

Монографиянын автору Б.А. Страшун белгилегендей, Батыш Европа мамлекеттеринде саясий бийлик монархтын, президенттин бийлигинин; элитанын бийлигинин (аристократия, мамлекеттик кеңеш, парламент); демократия бийлигинин (жыйын, өз алдынча башкаруу) деңгээлинде жүзөгө ашырылат. Берилген жагдайда, баштапкы болуп бийлик жалгыз бир адамга гана берилгендиги каралган эмес дегенди билдирген аспект каралат. [Конституционное (государственное) право зарубежных стран. Учебник [Текст] Т.1./ Отв. ред. Б.А. Страшун. – М., БЕК, 1995., с. 311].

“Саясий система” категориясынын калыптанышына алып келген тарыхый аспектилерди улантууда, ошондой эле 18–кылымга карата саясий системада туруктуулукка жана паритеттүүлүккө жетүү - элдик бийликти жана бийликти бөлүштүрүү концепциясын орнотуу ыкмалары негизделген аспектини бөлүп көрсөтүү максатка ылайыктуу.

Изденүүчү биринчи главанын **“Совет мезгилинде саясий системанын калыптанышы”** экинчи бөлүмүндө саясий системанын калыптануу процессин карайт. XVII кылымдын аягында - XVIII кылымдын башында Европада учурдагы саясий институттардын жана демократиялык теориялардын негизги элементтери болуп калган саясий идеялар жана процедуралар пайда болгон. Алардын катарына өкмөттөр макулдукка жана колдоого муктаж болгондугу жөнүндө идея дагы кирет.

Ошентип, макулдашылган чечимдерди актуалдаштыруу жергиликтүү жана улуттук деңгээлдеги шайлоолордун негизинде түзүлгөн мыйзам чыгаруу органында өкүлчүлүк системасын түзүүнү талап кылды. Парламент тарабынан өкмөттүн көзөмөлүн камсыз кылуу; социалдык топтордун жана катмарлардын кызыкчылыктарын билдирген парламентти түзүү; демократиялык башкаруунун баалуулуктарын активдүү киргизүү үчүн көрсөтүлгөн идеялар жана процедуралар демократиянын базасын өнүктүрүү жана

социумда дифференциацияны жеңүү үчүн негиз түздү.

Белгилей кетүүчү нерсе, демократиянын өнүгүшү эволюциялык жана революциялык жолдор менен жүргүзүлгөн. Эволюциялык жол элитадан калктын кеңири катмарына коомдук макулдашууга жетишүү процедураларын жайылткан. Заманбап демократия, тарыхый демократиянын салттарын трансляциялоо менен, Кайра жаралуу, Реформация, агартуу идеяларына негизделгендиктен, жаңы маанилүү өзгөчөлүктөргө ээ болууда. Мындан тышкары, Жаңы Доор модернизация процессинин башталышы менен мүнөздөлөт, бул коомдун салттуу абалдан заманбап абалга саясий, экономикалык жана социалдык трансформациясы деп түшүнүүгө болот.

Саясий өзгөрүүлөрдүн – башкача айтканда демократиялаштыруунун өбөлгөлөрү, маңызы боюнча, саясий системалардын эгемендүүлүгүнүн жана күч колдонууга монополияны бекиткен бийлик мамилелеринин салыштырмалуу бир түрдүү режими бар түзүлүштүн конституциялуулугунун процесстери болуп калды. Ошентип, мамлекетке табигый укуктун жана эркиндиктин ченемдерине негизделген зомбулуксуз өзүн-өзү уюштурууну ырастаган жарандык коом каршы турат.

Изденүүчү биринчи главанын **“Саясий система түшүнүгү, белгилери жана классификациясы: юридикалык жана саясий аспектилери”** үчүнчү бөлүмүндө саясий системалардын түрлөрүн классификациялоо критерийи коомдук-экономикалык формация, коомдун экономикалык негизи болуп саналат деген көз карашты карайт. Албетте, формациялык мамиле бир катар окуялардын түшүндүрмөлөрүн берет, бирок илимде глобалдашуу ыкмасы жана методологияны кыйла кеңейтүүчү бир катар башка ыкмалар активдүү колдонулат. Ошентип, белгиленген критерийлердин биринчисин түшүнүү менен кул ээлөөчү, феодалдык, буржуазиялык жана социалисттик саясий системалар айырмаланып турат.

***Комплекстүү конституциялык-укуктук талдоо контекстинде “саясий система” деген эмне*** экенин алдын ала түшүнүүдө көрүнүп турган жалпы жана спецификалуулуктун чегин аныктоо өтө маанилүү? Изденүүчү Г. Алмонд жана А. Пауэлл классификация процессинде топторду маданий дифференциациясынын даражасына жараша айырмалайт деп эсептейт: примитивдүү (үчүнчү дүйнө мамлекеттериндеги айрым жамааттык бирикмелер); салттуу; заманбап системалар. [Алмонд, Г. Сравнительная политология сегодня. Мировой обзор [Текст]: учебное пособие / Г. Алмонд, Дж. Пауэлл, К. Стром, Р. Далтон. – М., 2006., с.149].

Алардын градациясына ылайык, аны менен макул болууга мүмкүн болгон, салттуу системалар өнүккөн дифференцияланган саясий түзүлүшкө ээ жана саясий позициялар жагынан “баш ийүү маданияты” менен мүнөздөлөт.

***Салттуу түзүмдөр*** патримониалдык (саясий элита, падышалык үй-бүлө), борборлоштурулган бюрократиялык жана феодалдык саясий системаларга бөлүнөт.

***Заманбап системалар*** болсо түзүмдүк жана маданий жактан прогрессти билдирет, анткени алар “катышуу маданияты” иштеген саясий түзүмдөргө жана институттарга (партиялар, кыймылдар, басым топтору, массалык маалымат каражаттары) ээ. Демек, жарандар шайлоо, демонстрациялар, митингдер аркылуу саясий системага таасир эте алышат.

1) Алар жарандардын жана саясий элитанын эсептөөсүнө, сабырдуулугуна жана толеранттуулугуна таянган секуляризацияланган саясий маданият менен мүнөздөлгөн ***англо-америкалык түрдөгү саясий системалар***. Жогоруда аталган түрдөгү системалар туруктуу, натыйжалуу, бийликти бөлүштүрүүнүн оптималдуу ишке ашырылган принциби менен өзүн-өзү жөнгө салууга жөндөмдүү.

***2)*** Салттуу түрдө бийлик саясий номенклатуранын (бюрократиянын) колунда топтолгон ***тоталитардык түрдөгү саясий системалар***, мында массалык маалымат каражаттары демократиянын рупору жана “төртүнчү” бийлик мамлекеттин көзөмөлүндө.

Ошондой эле изденүүчү тарабынан ***болгон типологиялар деталдуу талдоого***

***алынган:*** Континенталдык-европалык системалар (Франция, Германия жана Италия). Европалык-континенталдык жана англо-американдык системалардын ортосундагы аралык мүнөздөгү Скандинавия өлкөлөрү, алар үчүн маданияттардын, саясий салттардын жана ишмердүүлүктүн формаларынын элементтеринин өз ара аракеттенүүсү менен мүнөздөлөт, партиялар жана коомдук-саясий бирикмелер колдонуудагы конституциялык ченемдердин чегинде иштешет, бийликтин өкүлчүлүктүү жана аткаруу бутактары ишин мыйзамда аныкталган регламенттердин жана жол-жоболордун негизинде жүзөгө ашырат. [Пугачев В.П., Соловьев А. С. Введение в политологию. [Текст] / - М. 2010, с.171].

Ошондой эле системалардын типологиялык белгилерине тигил же бул саясий системанын бир же бир нече айырмалоочу өзгөчөлүктөрү кирет. Ошентип, бир катар изилдөөчүлөр типологиянын негизги принциби катары өз учурунда Т.Парсонс тарабынан иштелип ***чыккан системанын "туруктуулук" принцибин*** тааныйт.

Ошентип, коомдун саясий системасы теориясынын европалык мектебинин улантуучулары типологиядагы белгилүү бир дифференциацияны негиздейт, бул биздин талдоонун контекстинде дагы чагылдыруу маанилүү:

1) системасынын маанилүү саясий максаттары жана аларга жетишүү каражаттары жөнүндө консенсуска негизделген системалар.
2) механикалык интеграцияланган, ички өз ара байланышкан институттар жана субъекттер саясий жоопкерчилик принциби менен камсыз кылынган системалар (мисалы, АКШда).
3) системалардын ичиндеги обочолонгон топтордун ортосундагы тилектештик мамилелерине негизделген жамааттык системалар,. [Парсонс Т. Система современных обществ [Текст] /. - М., 1998., с. 24-27].

Дифференциациянын болушу алардын салыштырмалуу бир тектүү түзүмүн жокко чыгарбайт жана бөлүп көрсөтүүгө ылайыктуу бир нече аспектилерди билдирет:

1. Саясий мамилелер саясий бийликти жүзөгө ашыруу боюнча класс аралык, класс ичиндеги, улуттар аралык, мамлекеттер аралык мамилелерди болжолдойт, алар салттуу түрдө саясий уюмдардын (мамлекет, партиялар, эмгек жамааттары, коомдук уюмдар) ортосундагы "тик мамилелер" деп аталат. Ошондой эле саясий уюмдар жана мекемелер (облустун администрациясы, ишкана, институт, партия, эмгек жамааты жана башкалар) ортосунда түзүлгөн мамилелер да алдын ала аныкталат.

2. Коомдун саясий уюму саясий бийликти түздөн-түз жүзөгө ашыруучу туруктуу саясий уюмдарды жана мекемелерди (мамлекет, партиялар, саясий максаттарды көздөгөн коомдук уюмдар жана кыймылдар) билдирет.

Саясий уюмдун өзөгү болуп бардык бөлүктөрү: бийлик, куралдуу күчтөр, ички иштер органдары, прокуратура жана башка ушул сыяктуулар болгон мамлекет саналарын да белгилей кетүү зарыл. Көп партиялуулукту калыптандыруунун эң активдүү процесси КМШ жана Чыгыш Европа өлкөлөрүндө жүрүп жаткандыгына өзгөчө көңүл буруу керек. Партиялардын негизги тапшырмаларынын бири - бийликке жетүү, партия көрсөткөн социалдык кызыкчылыктарды ишке ашыруу үчүн башкаруу аппаратын өздөштүрүү. Партия саясий багытты иштеп чыгууда жана аны ишке ашырууда катышат, ал мамлекеттик бийлик лидерлерин көрсөтүү жана өкмөттүн курамын түзүү боюнча өз таасирин тийгизет.

Биринчи главанын **"Саясий системалардын түрлөрүн салыштырма-укуктук талдоо"** төртүнчү бөлүмүндө изденүүчү тарабынан саясий системалардын типологиялык түрлөрү талданат, алар да негизги кыргызстандык саясий системасынын мүнөздөмөлөрүн-параметрлерин бөлүп көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Ошентип, формациялык ыкма идеясындагы андан аркы жаңылыктар, аны трансформациялык процесстерге колдонуу, Т. Адорно, Ю. Хабермас Ж. Б. изилдөөлөрү көрсөткөндөй Франкфурт неомарксизм мектебинин эмгектеринде өз алдынча илимий долбоорлордо ийгиликтүү ишке ашырылган. "Түзүмдүк марксизм" же "еврокоммунизм" концепциялары Е. Томпсон, Л.

Алтуссер жана башкалар тарабынан идеялык жана методологиялык жактан толукталып иштелип чыккан.

Белгилей кетсек, саясий элитанын алдында мындан аркы өнүгүү формаларынын артыкчылыгы аныкталбаган демократиялык режимдер дагы эле элдик бийликке болгон муктаждыкты тийиштүү деңгээлде калыптандырган эмес, анткени демократиялык баалуулуктар саясий маданияттын салттуу мүнөзүнүн таасиринин натыйжасы катары таанылат, бирок узак эволюцияны талап кылат. Саясий бийликтин кетирген каталары демократияны көйгөйлөрдү натыйжалуу чече албаган система катары терс кабылдоону билдирет деп айтсак болот.

Ааламдашуу демократия үчүн белгилүү кыйынчылыктарды алып келип, баалуулуктардын артыкчылыгына жараша мамлекеттин саясий түзүлүшүнө карата ар кандай мамилелердин ортосунда курч карама-каршылыктарды аныктады. Мындай дифференциация менен шартталган тирешүү күрөштүн формасын алат, анда террористтик коркунучтан куралдуу конфронтацияга чейин кээде жол берилгис каражаттар колдонулат.

Мыйзамдар, жөнгө салуунун бирден-бир мыйзамдуу механизми, мамлекеттик институттарга шарттарды түзүү жана потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрдү ишке ашыруу үчүн талаптарды аныктоого жөндөмдүү болгон активдүү жарандар болгондо демократия мүмкүн экенин моюнга алууга болот. Социумга жараша мамлекеттик түзүмдөрдү түзүү укуктук келечектин идеалы үчүн ылайык.

Албетте, демократия өз сценарийлери боюнча жашоону курууга укук берет, ал бийликти уюштуруунун альтернативасы жок формасы катары таанылат. Албетте, демократиялык өзгөрүүлөрдүн алкагында Кыргызстандын тажрыйбасы анчалык чоң эмес. Кыргызстан болсо демократияга артыкчылык берген өлкөлөрдүн катарына кирет. Бул эркиндикти өзгөчө кабылдоодо, либералдык баалуулуктарга ишенбөөчүлүк менен мамиле кылууда, демократиялаштыруу процессине түзөтүүлөрдү киргизген коомдук жашоону уюштуруунун жамааттык формаларынын үстөмдүгүндө кездешет.

Кыргыз Республикасынын саясий системасынын конституциялык-укуктук ишин чагылдырууда төмөнкүдөй эволюциялык функцияларды белгилөө өзгөчө маанилүү: - өзгөрүү, селекция жана рестабилизация өзгөрүлгөн тышкы шарттарга адаптациялоо контекстинде системанын жаңы абалы аркылуу жүргүзүлөт. Мындан тышкары, өзүн-өзү жаңылоо абалында болуу менен, ар кандай тарыхый мезгилдеги демократиялар олуттуу түрдө ар түрдүү жана зор илимий кызыгууну жаратат.

Бирок, бардык тарыхый формаларда демократия жалпылыктардын жыйындысына ээ, бул аларды байланыштырууга мүмкүндүк берет. Системалык мамиленин салмактуулугун таанып, ошентсе да көпчүлүк авторлор анын курамдык элементин – институционалдык методологияны гана колдонушат, бул айрым институттардын контекстинде саясий процесстерди талдоону кыйла чектейт.

Транзиттик мезгилде саясий системанын ыңгайлашуусу жана туруктуулугу жөнүндө маселе саясий процесстин негизги тенденциялары жөнүндө илимий негизделген түшүнүктөрдүн калыптанышын актуалдаштырат жана институттук, системалык-түзүмдүк, салыштырмалуу-укуктук жана синергетикалык ыкмалардын методологияларын колдонууну шарттайт.

**«Кыргыз Республикасындагы саясий системанын мазмунунун теориялык жана методологиялык маселелери»** аттуу экинчи глава үч бөлүмдөн турат.

Экинчи главанын **«Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк мезгилиендеги саясий системасынын калыптанышы»** аттуу биринчи бөлүмүндө диссертант тарабынан конституционализм, президентциализм, парламентаризм, конституциялык сот аткаруу, мамлекеттик өзүмбилемдикке мыйзам тарабынан чектөөлөр жана конституциялык-укук сыяктуу татаал аспектилердин концепциялары талдоого алынат.

Диссертанттын оюу боюнча структуралык функционализм туруктуу элементтерге ээ, корреляциялык өз ара байланыштары бар системанын структурасын социум катары кабылдайт. Ошону менен бирге ар бир элемент бүтүндүктү сактоо максатында тигил же

бул функцияны аткарганы да туура. Ушул ыкмага ылайык, коом (система) - функцияларды аткаруу муктаждыктары жана байланыш ыкмалары менен түшүндүрүлгөн подсистемалардын, жеке позициялардын жыйындысы болуп саналат.

Структуралык функционализмди аныктоодо саясий системанын туруктуулугунун факторлоруна таянган демократизация процессинде пайда болгон саясий институттардын туруктуулук маселесин изилдеген саясий системалар теориянын негизи катары кабылдоо максатка ылайык. Алар бийликтерди бөлүштүрүү идеясынын, президенттиктин, шайлоонун, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун, жарандык коомдун активдүү өнүгүп жаткан институттары болуп эсептелет.

Алсак, С.В.Патрушев изилдөөлөрүнүн биринде: «Институционалдык дизайн сапатын жогорулатуу үчүн институционалдык саясий теорияны өнүктүрүү зарыл»,- деп белгилейт. XX кылымдын 80-жылдарында жаралган «жаңы институционализм» саясий процесстердеги институционалдык салт менен адамдын генезисин билдирет. Тандоонун ченеми жана баалуулугу, рационалдуулугу ченемдик институционализм түрүндөгү неоинституционализм аркылуу тийиштүү прогресске жеткирилген *[Политология: Энциклопедический словарь [Текст] / Общ. ред. и сост. Ю.И. Аверьянов. - М., 1993., с. 296].*

Жалпысынан, учурдагы саясий процесстреди түшүндүрүүдө көңүл жалпы дүйнөлүк саясий процесстердин алкагындагы негизги тарыхый кылымдарды эскерүү менен демократиянын генезисине бурулган. Изилдөөнүн берилген максаттарына жана милдеттерине таянып, биз ***"саясий режимдин түрүнө (авторитардык, демократиялык); саясий системанын түрүнө (президенттик, парламенттик); бийлик мамилелерине (партиялар, өкмөт); коомдук жана саясий ишмердүүлүктүн формаларына (плюрализм, корпоратизм) ылайык иштеген саясий функцияларды жүзөгө ашыруучу мамлекеттик жана мамлекеттик эмес институттардын кеңири көлөмүн өзүнө камтыган саясий системага"*** автордук аныктама бердик.

Демек, "саясий системанын конституциялык-укуктук негиздери" укуктук түзүлүшүнүн автордук аныктамасы ***бардык конституциялык-укуктук элементтердин интеграциясын жана саясий системанын саясий бийликти башкаруунун биримдиги катары иштешин камсыз кылган бийликтин иштешине байланыштуу иш-аракетти билдирет.***

**«Саясий жана укуктук системалардын корреляциялык-логикалык байланыштары»** аталган экинчи главанын экинчи бөлүмүндө изденүүчү жаңы конституцияны иштеп чыгуу жана кабыл алуу фазасындагы коомчулуктун макул болуу деңгээли менен Баш мыйзамдын ченемдүүлүк даражасынын ортосундагы логикалык-натыйжа байланышынын контекстинде Кыргыз Республикасынын авторитардык режимден кийинки өнүгүүсүн талдоону белгилейт.

XXI кылымдын акыркы он жылдарында Г. Вайнштейн, Л. М. Герасина, О. Г. Данильян, Ю. Д. Древаль, А. Лейпхарт, А. Мазманян, В. Новакова, Д. Сартори сыяктуу изилдөөчүлөрдүн аталган темага көңүл бурганы демократиялык өзгөрүүлөрдүн спецификасын аныктоого мүмкүндүк берди. Бир катар изилдөөчүлөр, атап айтканда Ж.И. Овсепян, мамлекеттин Баш мыйзамы – трансформациялык процесстердин борбордук элементи, деп аныктайт. [Ж.И.Овсепян, Развитие научных представлений о понятии и сущности конституции [Текст] / Ж. И. Овсепян // Правоведение. - 2001. - № 5., с.36].

Бир катар изилдөөлөрдө конституция - баалуулуктардын жана коомдун жашоо турмушун укуктук жактан тариздеген система – деп баса белгиленет.

Ал эми Р Сменд., жана Неллер мамлекеттик интеграция процессинин укуктук тартиби жөнүндө айтышат. Алсак, Х.Эмке конституцияны бийликти чектеген жана рационализациялаган ошондой эле саясий турмуштун эркиндигин кепилдеген долбоор катары кабылдайт.

Коргоонун юридикалык формасы жана индивиддердин жоготууларын азайтуу жөнүндө Дж. Бьюнкенен менен Г. Таллок айтып чыгышкан. Ал эми белгилүү бир доордун

укук философиясын чагылдырган укуктук формулага тиешелүү маселелердин чоң бөлүгү А.Н.Медушевский тарабынан каралган. [Медушевский А. Н. Теория конституционных циклов: моногр. [Текст] / - М.: Изд. дом ГУ ВШЭ, 2005, с. 46].

Баш мыйзамда камтылган коомдук турмуштун саясий маанилүүлүгүнө карабастан, изилдөөчүлөр көп учурда конституцияны бийликтин конфигурациясын бириктирген негиз эмес, мыйзам деп эсептешет. Алсак, А.М.Медушевский Баш мыйзамдын белгиленген максаты эски конституцияны жокко чыгаруу жана жаңы конституцияны киргизүү убагында актуалдуу болот деп эсептейт. Автор аны укуктук, конституциялык өнүгүүнүн маани - маңызы деп түшүндүрөт. [Медушевский А. Н. Теория конституционных циклов: моногр. [Текст] / - М.: Изд. дом ГУ ВШЭ, 2005, с. 59].

Конституцияны кабыл алуу – социумдун, коомдун жашоо турмушундагы ар түрдүү аспекттерге таасир этүүчү позитивдик фактор экени талашсыз. Баш мыйзам коомдук институттар менен мекемелерге өзүн-өзү жөнгө салуу үчүн шарт түзүүгө, бийликти да өзүн-өзү чектөөгө багыттайт, бул көрүнүш коомдун демократиялык түзүлүшүнө карай кадамы болуп саналат [Мау, В. А. Конституционно-правовые преобразования и экономические реформы [Текст] // Общественные науки и современность. - 1999. - № 5., с. 45].

Мыйзам чыгаруучунун алдында конституциялык ченемдердин адилеттүүлүк деми менен коомдун бардык катмарларынын кызыкчылыктарынын тең салмактуулугун сактоо - өзгөчө мааниге ээ экенин түшүнүү маселеси коюлуп жатат. Талдоонун контекстинде Х. Линц жана А. Степандын «конституциялык өтмөктөр» тууралуу концепциясынын маанилүүлүгүн таануу жана постсоциалисттик өлкөлөрдөгү реконституционализация, Баш мыйзамдын ченемдик таасири менен «конституциялык өтмөктөр» ортосундагы корееляцияларды аныктоо зарылдыгы келип чыгат [Stepan A., Skatch C.Presidentialism and Parliamentarism in Comparative Perspective // The Failure of Presidential Democracy [Текст] / / Ed. by J. Linz, A.Valenzuela. Baltimore, 1994, с. 124].

Экинчи главанын **«Кыргыз Республикасындагы саясий системанын конструкциясынын функционалдык мазмуну жана конституциялык теоретикалык камсыздоосу»** аттуу үчүнчү бөлүмүндө изденүүчү Кыргызстандагы саясий системанын конструкциясынын конституциялык теориялык түшүндүрмөсүнүн функционалдык компонентине талдоо жүргүзөт. Мында демократия деген эмне экенин түшүнүү зарыл. Анын ар түрдүү интерпретациялары көптөгөн теориялардын жаралышына өбөлгө түзүп кандайдыр бир деңгээлде биримдик келип чыккан.

Демократияга берилгендик социумдагы бардык катмарлардын жана өлкөлөрдүн, анын ичинде Кыргызстандын кызыкчылыктарынын айкалышын камсыз кылууга жөндөмдүү бирден-бир саясий режим экендигин изденүүчү тастыктайт.

Саясий укуктук реалдуулуктун алкагындагы демократия рационалдуулуктун универсалдык негизи менен укуктук бинардуулук контекстинде өз алдынча болууга үндөө катары алдын ала аныкталган.

- Жеке жашоо турмушту жана мураска болгон урматты тандоо укугу аркылуу ар бир индивид жеке укуктарын эркин жүзөгө ашырат жана демократия тууралуу ой-жүгүртүүдө үстөмдүүлүккө каршы турат.

- Кайсы бир азчылыкка тандоо укугун камсыз кылбаган, интеграция же көпчүлүктүн коомуна толук ассимиляцияга же коомдон өзүн-өзүн четтетүүгө алып келген маргинализация – укуктарды бузуу болуп саналат.

Азыркы учурда элдик бийлик либералдык демократия катары бийликтеги адамдарды ачык-айкын жалпы шайлоолорунун контекстинде кабылдап акыры мыйзамдын үстөмдүгүн, бийликти бөлүштүрүү жана айрым жеке же топтук эркиндиктердин кепилдиктери аркылуу көпчүлүктүн бийлигине конституциялык чектөөлөрдү киргизүүнү билдирет.

Ошол эле убакта, АКШнын экс-президенти Б.Обама жана Эл аралык валюталык фондунун тескөөчү директору К. Лагард сыяктуу батыштын саясий элита өкүлдөрү,

социалдык укуктар, мүмкүнчүлүктөрдүн теңдиги камыздалбаса жана социалдык-экономикалык теңсиздик бар болсо саясий чечимдерди кабыл алуу мүмкүн эмес деп эсептешет.

БУУ, ЕККУ жана ЕБ сыяктуу маанилүү институттар – мамлекеттин ички иштерине көзөмөл, демократия жана адам укуктарын сактоо маселелерин кошкондо, эл аралык коомчулуктун кызыкчылыктарынын алкагында болуусу зарыл, деп эсептешет. Батыштын изилдөөчүлөрүнүн бири П.Деньенин пикири боюнча Кыргыз Республикасындагы саясий система саясатты институционалдыштыруунун жана партияларды өнүктүрүүнүн төмөнкү деңгээли, саясий маданияты, ошондой эле регионалдык кландардын формалдуу эмес үстөмдүгү менен айырмаланат [Денье, П. Парламентаризм: доктрина и практика перспективы эксперимента с парламентаризмом в Кыргызстане в свете результатов двух парламентских выборов (2010-2015 гг.) [Текст] /. - Будапешт, 2016., с. 34].

Кыргыз Республикасындагы саясий системанын конструкциясынын функционалдык мазмунун жана конституциялык теориялык камсыздоосун чагылдырууда үстөмдүк кылган нарратив - бул Кыргызстандагы өзгөчө абалды таануу. Мындай абалды Лейпхарттын классификациясына ылайык Борбордук Азиянын саясий системаларынын арасында «девианттык нерсе» катары аныктаса болот. Кыргызстандын саясий турмушунда партиялардын ролунун күчөшү көбүн эсе формалдык касиеттерге ээ. Чындыгында болсо, саясий дифференциация партиялардын реалдуу программаларынын жана идеологиялык артыкчылыктарынын негизинде эмес, «клан» түрүндөгү регионалдык кызыкчылыктарды эске алуунун негизинде түзүлөт. Айтылган тажрыйба башка мамлекеттерге да таандык.

«**Парламентаризмди, укуктук мамлекетти жана жарандык коомду өнүктүрүү контекстинде саясий системанын негизги мүнөздөмөлөрү»** деп аталган үчүнчү Главада изденүүчү төрт бөлүм сунуштаган.

Үчүнчү главанын **«Саясий системаларды институционалдык өнүктүрүүнүн концептуалдык жолдору»** аттуу биринчи бөлүмүндө изденүүчү тарабынан саясий системанын жаңы абалынын калыптанышына байланыштуу болгон өткөөл мүнөздөгү саясий өзгөрүүлөргө талдоого негиз болгон транзитология процесстери каралат. Башкаруунун автократиялык формаларынан демократиялык формасына өтүү процессин изилдөөлөрдүн предмети болуп калгандыктан жогоруда көрсөтүлгөн термин мындан да кыска чечмеленип калган.

Батыш транзитологдору (О`Доннелла, Т. Карла, Д. Растоу, С. Хантингтон, Ф. Шмиттер жана башкалар), ар түрдүү пикирлеринде негизинен «демократиялык транзиттин» же «поставторитардык өткөөл мезгилдин» моделин бириктирет. Батыш «транзитологиясы» изилдөөлөрдү эки өлчөм аркылуу жүргүзөт, мисалы:

-«өткөөл мезгилди» изилдейт жана transition түшүнүгү менен байланыштырат;

- transformation - «өткөөл мезгилдин» моделин, башкача айтканда саясий режимдин трансформациясын изилдейт.

Конституционалист жана укуктук социолог изилдөөчүлөр чөйрөсүндө аталган моделдин жана анын элементтеринин иштешине болгон көз караштарында кескин дифференциация байкалат. Поставторитардык режимдердин алкагындагы саясий системанын маңызын түшүнүүдө теориялык ыкмаларды саясий жактан адаптациялоо контекстинде «аныкталбагандык» абалына карата көз караштарында корреляция байкалат. [Мельвиль А.Ю. Демократические транзиты (теоретико-методологические и прикладные аспекты) [Текст] /. - М., 1999, с. 17].

Транзитологиялык концепциялар универсалдык дегенге жатпайт, бирок конституциялык укуктук илимдин бир катар аспекттерин түшүндүрүүдө көп колдонулат. Мында, демократизация үчүн жана талдоого алынган ар бир мамлекет үчүн жалпы корреляциялык байланыштары белгиленген демократияга өтүү алгоритми аныкталган. Транзитолог изилдөөчүлөр "демократиялык өткөөл" схемага кайрылып жатканы айкын болууда.

Чыгыш Европа менен СССР өлкөлөрүнүн поставторитардык өнүгүү натыйжаларынын вариативдүүлүгүн эске алуу менен бирге «авторитардык режим – өткөөл мезгил – демократиялык режим» теориялык үлгүсүн туруктуу болуп калган константа катары таанууга болот. Аталган багытта В. Гельман, С. Елисеев, А. Мельвиль, Л. Сморгуновдун изилдөөлөрү өзгөчө кызыктуу болуп саналат. Ошону менен бирге транзитологиялык ыкма бир катар мамлекеттердеги, анын ичинде Кыргызыстанда болуп жаткан посткоммунисттик трансформацияларды толук кандуу түшүндүрө албайт. Анткени, жарыяланган демократия менен саясий түзүлүш тажрыйбасынын ортосунда карама-каршылыктар бар.

А.Мельвиль: «транзитологиялык парадигманын» негизи комплекстүү изилдөөлөрдү, анын ичинде конституциялык укуктук багытта, талап кылат -деген пикири менен макул болуу мүмкүн. Аталган автор «транзит - демократиялык эмес бир типтеги режимдерди неодемократиялык режимге трансформациялоону түшүндүрөт жана изилдөөчүгө - өзгөрүүлөрдүн жаңы концептуалдык алкагын ошондой эле учурдагы саясий режимдердин заманбап дфференциалдык типологиясын иштеп чыгуу боюнча тапшырма берет»,- деп эсептейт[Мельвиль А.Ю. Демократические транзиты (теоретико-методологические и прикладные аспекты) [Текст] /. - М., 1999, с. 20].

Илимде демократияны илимий жактан чечмелөө үчүн көрсөтмөлөрдү камтыган көптөгөн ыкмалар бар. Алсак, А.Мадатов төмөнкү ыкмаларды белгилейт: саясий режимге мүнөздөмө берүү үчүн саясий институционалдык ыкма; жалпы мамлекеттик жана локалдык деңгээлдеги коомдун, анын ичинде партиялардын турмуштук ишмердүүлүгүнө мүнөздөмө берүү үчүн процессуалдык процедуралык ыкма [Мадатов А.С. Демократия: методология исследования, анализ перспектив [Текст] / - М., 2004, с. 3]; индивиддин жеке өз жашоосунун негизинде коомдун маданияты менен демократияны байланыштырган маданият таануу ыкма; эркиндик менен адам укуктарын жана өзүн-өзү өнүктүрүү үчүн шарт түзүү менен байланыштырган аксиологиялык ыкма каралат.

**«Парламентаризм жана саясий катышуунун институттары Кыргыз Республикасынын саясий системасынын негизи катары каралганда»** аттуу үчүнчү главанын экинчи бөлүмүндө изденүүчү А. Лиджфарттын «…демократия негизги эки мажоритардык жана консенсуалдык үлгүгө негизделет…» деген чечмелөөсүнө көңүл бурат. [Лиджфарт, А. Правление большинства в теории и на практике. // Международный журнал социальных наук [Текст] / 1991. №2, с. 60].

Байыртадан бери белгилүү болгон көпчүлүк принциби бир катар концептуалдык дихотомияларга ээ. Теория жагынан караганда аталган принцип чечимдерди кабыл алууда башкы принцип катары каралат. Ал эми иш жүзүндө ал анчалык деле көп колдонулбайт. Бул учурда демократия өзүнүн классикалык түрүндө көпчүлүк принцибинен четтеп жалпысынан макул болууну камсыздаган механизмдерди колдонот. Ошону менен бирге, демократияга өтүп жаткан мамлекеттер консенсуалдык демократияга муктаж болот. Башкарууну жүзөгө ашыруу маселесиндеги мындай карама-каршылык саясий бийликти көпчүлүктүн колуна топтолушуна – башкача айтканда демократиянын мажоритардык үлгүсүнө алып келет.

Шайлануу жана коллегиалдуулук парламенттин маанилүү мүнөздөмөлөрү, парламенттин курамындагы депутаттар эл өкүлдөрү болуп саналат жана жалпы мамлекеттик кызыкчылыктарды жетекчиликке алуу менен иштейт. Алсак, парламенттин базалык функцияларына төмөнкүлөр кирет:

- мыйзам чыгаруу функциясы, анткени башка укуктук актылардан жогору турган мыйзамдарды кабыл алат;
- өкмөттүн мүчөлөрүн бекитүү аркылуу ишине көзөмөл жүргүзүү жана өкмөттүн аткарган иштери боюнча отчетторун угуу, ишеним көрсөтпөө боюнча добуш берүү.

Албетте, дүйнөдө парламенттин абсолюттук окшош ыйгарым укуктары менен функциялары болбойт, алар улуттук өзгөчөлүктөргө, башкаруу формасына жана аймактык

түзүлүшкө жараша дифференциаланат. Мисалы, **парламенттик республикаларда:** шайлоодо жеңип чыккан партия же партиялардын коалициясы өкмөттүн курамын түзөт жана өкмөттүн төрагасын бекитет. Ал эми **президенттик республикада:** - Президент бийликти узурпацияга жеткирбеш үчүн конституциялык системанын контекстиндеги теңсалмактуулукту жана көзөмөлдү сактоо менен өкмөттүн курамын өзү түзүп жетектейт. Бийликтин **аралаш системасындагы республикаларда**: парламенттик шайлоонун жыйынтыгы боюнча жана саясий күчтөрдүн таасирин эске алуу менен Президент өкмөттүн курамын түзөт. Саидов А.Х. Национальные парламенты мира [Текст] /: энцикл. справ. /А.Х. Саидов; РАН, Ин-т государства и права. – М.: Волтерс Клувер, 2005, с. 84].

Саясий система катары каралып жаткан демократия чечимдерди кабыл алуу үчүн аракеттеги жол-жоболордун системасы болуп саналат. Р.Даль төмөнкүдөй пикирин билдирген: «…жол-жоболордун системасы аныкталган укуктарды, милдеттерди, эркиндиктерди жана чектөөлөрдү камтыйт жана саясий институттар болгон учурда ишке ашырылышы мүмкүн…»[Даль Р. Принятие решения в демократическом обществе: Верховный суд и его влияние на политический курс государства // Теория и практика демократии. Избранные тексты [Текст] /. - М., 2006, с.211].

Партиялар, коомдук саясий кыймылдар, кызыкчылыктар боюнча топтор, башкача айтканда, «жарандык коомдун» түзүмдөрү - саясий институт болуп саналат. Албетте, алардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, өкүлчүлүк түзүмдөргө шайлоого жана референдумдарга катышуусу – саясий система менен сырткы чөйрөнүн байланышын камсыздаган катышуунун анык же тикелей формасы катары каралат.

Плюрализмдин курамдык элементтери жөнүндө сөз кылып жатып, көп партиялуу система жана функционалдык оппозиция аркылуу ишке ашкан саясий плюрализмди белгилей кетүү керек. Өнүгүү жана дифференциация аркылуу коомдо кызыкчылык топторунун ролу актуалдаштырылат, алар М.Олсондун айтымында, «саясий жүрүм-турумдун эң негизги аныктоочулары катары каралат». [Олсон, М. Логика коллективных действий: общественные блага и теория групп // Политология: Хрестоматия [Текст] / / Сост. Б.А. Исаев, А.С. Тургаев, А.Е. Хренов. - СПб., 2006., с. 237].

Бул түшүнүктүн натыйжасы катары аталган топтордун экономикалык, социалдык-идеологиялык, маданий-этникалык, аймактык, диний жана башка кызыкчылыктары кайсы бир деңгээлде чечимдерди кабыл алууну кепилдейт жана бийлик менен башкаруу органдары муктаж болгон колдоону камсыздайт.

**“Укуктук мамлекет жана жарандык коом - Кыргыз Республикасындагы саясий системанын иштиктүү элементтери”** аттуу үчүнчү главанын үчүнчү бөлүмүндө диссертант укуктук мамлекетти жана коомду түзүү, бийликти борбордон ажыратуу, бийлик органдарын көзөмөлдөө – институционалдык маселелерди жаратууга алып келет, деп белгилейт [Нисневич Ю. Аудит политической системы посткоммунистической России [Текст] /. - М., 2007, с. 24].

Албетте, саясий институттар уюмдар менен жарандардын ортосундагы мамилелерди иретке келтирген түзүмдөрү жана субординациясы, ченемдери жана эрежелери турукташып калган мекемелердин жыйындысы болуп саналат. Анда, «саясий институттарды - уюмдардын, ченемдердин, мамилелердин үч тараптуу бүтүндүгү, деп таанысак болот»[Нисневич Ю. Аудит политической системы посткоммунистической России [Текст] /. - М., 2007,, с.24]

Өз кезегинде Д.Норт институттардын дифференциациясын формалдуу жана формалдуу эмес деп аныктайт. Легитимдүү басым аркылуу иши кепилденген мамлекеттик башкаруу ченемдери, конституциялар, мыйзамдар формалдуу институттар деген салттуу түшүнүк бар [Норт Д. Институты, институциональные изменения и функционирование экономики [Текст] /. - М., 1997, с.3].

Формалдуу эмес институттар катары – каада-салт, моралдык баалуулуктар жана үрп-адат эсептелет. Демократия шартында формалдуу жана формалдуу эмес институттардын ортосунда карама-каршылык пайда болбойт анткени алар бирин-бирин толуктап турат.

Адатта консолидацияланбаган демократия шартында макулдашуулар сакталбайт жана формалдык институттардын функциясы бузулушу мүмкүн. Институционалдаштыруу процесси саясий туруктуулуктун жана эффективдүүлүктүн маанилүү шарты болуп саналат.

Бийлигинин иш-аракети укуктук жана саясий чектер менен чектелген укуктук мамлекет - эң башкы маанилүү демократиялык институт деп эсептесек болот. Албетте, укуктук мамлекет коомдун жана ар бир адамдын кызыкчылыгын көздөп ар бирине тең шарттарды түзүп берет деген түшүнүк да туура.

Укуктук мамлекетте туруктуулуктун аспекти катары конституционализм өзгөчө орунда экени талашсыз, анткени ал жүргүзүлгөн саясатта ырааттуулукту жана карама-каршылыксыздыкты камсыздайт.

Алсак, конституционалдык базис катары укуктун приоритет принциби каралат, мында мыйзам коомдук турмуштун жана бийлик чектеринин ар түрдүү аспекттерин жөнгө салуучу каражат болуп саналат [Кин Дж. Демократия и гражданское общество. [Текст] / Пер. с англ. - М., 2001, с. 27].

Диссертациянын автору ар кандай жарандык кыймылдар өзүн саясий системага каршы көрсөтпөшү керек, ошондой эле алар өкүлчүлүк демократиянын институционалдык өкүлдөрүн алмаштыра алган жарандык катышуунун үлгүсү болбошу зарыл, деп эсептейт.

Үчүнчү главанын **«Кыргызстандын саясий-укуктук мейкиндигиндеги конституционализм идеялары жана демократиянын формалары» аталган** төртүнчү бөлүмүндө изденүүчү Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамынын мурдагы аракеттеги редакцияларындагы кайра шайлоого чектөөлөр, президентти форс-мажор учурунда дайындоодо макулдашуу чаралары, импичмент механизмин тактоо, сот органдарын шайлоо сыяктуу кээ-бир оң аспекттерге талдоо жүргүзөт.

Диссертанттын пикири боюнча, туруктуу аткаруу бийлигин камсыздоо жана бийликти узурпациялоо мүмкүнчүлүгүнүн карама-каршылыгы толук бойдон жалпы саясат менен конкреттүү чечимдерде чагылдырылган. Алар социалдык экономикалык, укуктук саясий форматтагы шарттарга ылайык келген чыр-чатактын ыктымалдыгын ачык көрсөттү.

Алсак, көпчүлүк үчүн ылайык келген саясий институттардын өз функцияларын аткаруу жөндөмдүүлүгүн логикалык жактан бийликтин эффективдүүлүгү деп санасак болот.

Берилген мүнөздөмө Кыргызстандын азыркы абалын жакшы чагылдырат. Ошол эле учурда, элиталардын кландык тирешүүсү күчөгөндүктөн, кошумча стресске дуушар болуп жаткан башкаруу системасы жана аткаруунун сапаты боюнча көптөгөн суроолор ачык бойдон калууда.

Демократиянын функционалдуулугун туюндуруу менен бийликтин калыптанышына жана анын ишин контролдоого элдин чечүүчү таасирин, тийиштүү координациялоону камсыз кылуу максатка ылайык, бирок бул Кыргызстандын жаңы тарыхында дайыма боло бербеген нерсе. Башкаруу теориясынын жоболорунан улам башкаруунун жогорку даражасын –эффективдүүлүк деп белгилеген маанилүү. Эффективдүүлүк социумдун кызыкчылыгындагы ишмердиктин жыйынтыгы боюнча мамлекеттик аппараттын жоопкерчилигинин иштиктүү механизми аркылуу өздөштүрүлөт.

**«Кыргыз Республикасындагы саясий системаны оптимизациялоонун узак мөөнөттүү максаттары жана милдеттери»** деп аталган төртүнчү Глава үч бөлүмдөн турат.

Төртүнчү главанын **«Кыргыз Республикасындагы конституциялык сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруунун концептуалдык жолдору»** аттуу биринчи бөлүмүндө изденүүчү тарабынан конституциялык сот өндүрүшүнүн ар түрдүү аспекттилери каралат. Сот өндүрүшү 2021-жылы жүргүзүлгөн акыркы конституциялык реформанын алкагында көптөгөн жаңылануударга дуушар болгон. Белгилүү болгондой, Кыргыз

Республикасынын Конституциясынын [Конституция Кыргызской Республики (в ред.2021г.) www http://online.adviser.kg.] ченемдеринде камтылгандай сот - бийликтин үчүнчү бутагы, ал ишмердигинин негизги багыты боюнча мыйзамдардын так аткарылышын көздөгөн, жеке адамдар, мамлекеттин жана коомдун расмий түзүмдөрү тарабынан мыйзам бузууларына каршы аракеттенген, мыйзамдарды коргогон институт болуп саналат.

Сот бийлиги деп – мамлекеттик системанын демократиялык түрдө жүзөгө ашырылганын айтабыз. Алсак, Р. Хиршль сот бийлигин ачык укуктуу мамлекеттерди чыңдоо деп мүнөздөгөнгө мүмкүн болгон тенденциялардын бирин катары тааныйт. Аталган тенденция сот бийлиги саясий жактан калыс болгон шартта, ал эми соттор маданий үлгүлөр үстөмдүк кылган контекстте аталган бийликти ишке ашырат [Хиршль, Р. Политические истоки укрепления судебной власти путем конституционализации: уроки четырех конституционных революций // Теория и практика демократии [Текст] / Избранные тексты. - М., 2006, с. 197].

Методологиялык жактан шарттуу түшүнүк үчүн кээ-бир теориялык негиздер каралган. Албетте, сот бийлиги Конституциянын кынтыксыз аткарылышын камсыздайт, ошондой эле бир катар аспектилердин, атап айтканда мыйзамдардын оптимизациясын, адамдын мыйзамдуу укуктарын коргоо, бийлик институттарынын компетенциясын камсыздайт.

Демократиялык мамлекетте сот көз карандысыз, калыс жана сот адилеттигине умтулат деген максиманы (эреже) таануу- өзгөртүлгүс чындык болуп саналат.

Кыргызстанда азыркы учурда сот системасы эң көп талдоого жана сынга алынат. Анткени, бардыгы бул системанын канчалык оптималдуу иштегенине, коррупциялык схемалардан канчалык эркин болгонуна, мыйзам тарабынан берилген компетенцияларды жана ыйгарым укуктарды канчалык кесипкөйлүк менен аткарылышына көз каранды.

Демократиялык саясий системанын кепили болгон соттор аткаруу жана мыйзам чыгаруу бийликтери сыяктуу эле коом тарабынан көзөмөлдөнүүгө тийиш.

Сот бийлиги – бул кыргыз жергесиндеги бийликти бөлүштүрүү доктринасына негизделген укуктук мамлекетти түзүүгө умтулууну чагылдырган саясий укуктук жаңы феномен.

Кыргызстандагы 2021-жылдагы жүргүзүлгөн конституциялык реформанын контекстинде Конституциялык сотту институционалдаштыруу жана ишмердиги аркылуу жүзөгө ашырылып жаткан конституциялык көзөмөл системасын мүнөздөгөн бир катар аспектилерди деталдаштыруу зарыл.

Талдоонун жыйынтыктары Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотуна мыйзам чыгаруу укугун берүү жаатында Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамына новацияларды киргизүүнү актуалдаштырат. Анткени, сот бийликтин өз алдынча бутагы болгондуктан ага мыйзам чыгаруу укугун берүү зарыл, себеби Кыргыз Республикасынын конституциялык конструкциясы бийлик бөлүштүрүүнү шарттаган.

Кыргызстандагы конституциялык контролдун соттук-парламенттик формасы Баш мыйзамдын мурдагы редакцияларында концептуалдык түрдө бекитилгенин моюнга алыш керек. Ошону менен бирге, конституциялык контролдун бир катар функциялары Президентке, Жогорку Кеңешке, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, сотторго, прокуратурага, Акыйкатчыга берилген. (Омбудсмен)

Конституционалдык өндүрүштүн автономиялуулугу анын башка процессуалдык институттары менен корреляциялык өз ара байланыштарында экендиги Н.В.Витрукдун конституциялык сот (КС) саясий эмес орган деген идеялары менен бекемделет [Витрук Н.В. Конституционное правосудие. Судебно-конституционное право и процесс [Текст] / Учебное пособие /. - 2-е изд., перераб. и доп.- Москва: ЮРИСТЪ, 2005,с. 89]. Бирок, Кыргызстандын жаңы тарыхында Конституциялык Сот революциянын легитимдүүлүгүн таануу/тааныбоо боюнча жана өлкөдөгү бийликтин алмашуусу боюнча мамлекеттин

жогорку жетекчилигинин саясий кызыкчылыгына көз каранды позицияларын ээлеген учурлары да болгон.

Укук адилеттиги органдарынын ишмердигин өркүндөтүү маселелери тууралуу сөз кылганда, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын (2021 ж.) редакциясында каралган мамлекеттик органдардын ортосундагы талаш-тартыштарды чечүү форматы белгилүү бир мааниге ээ [Конституция Кыргызской Республики (в ред. 2021 г.) www http://online.adviser.kg].

Мында конституциялык контролдун концепциясы Кыргызстандагы президенттик-парламенттик аралаш башкаруу контекстинде учурда теориялык да, практикалык да жактан карама-каршылыктарды пайда кылбаганына көңүл буруу зарыл.

Демек, кабыл алынган конструкциядагы Кыргызстандын укук системасы жана укук адилеттиги жүзөгө ашырылганда укук ченемдери жана мыйзамдын үстөмдүгү алгачкы башаты болуп саналган романдык- германдык укук системасынын идеялары менен принциптерине кайтып келет, деп таанысак болот.

**"Кыргыз Республикасынын саясий системасын реформалоонун конституциялык-укуктук аспекттери"** аталган төртүнчү главанын экинчи бөлүмүндө диссертант тарабынан акыркы отуз жыл ичиндеги конституциялык реформалардын этаптары талдоого алынат.

Мамлекет башчысынын ыйгарым укуктары аткаруу бийлигин башкаруу, кызмат ордуна дайындоо, судьяларды тандоо боюнча Кеңештин сунуштамалары киргизилгенден кийин бардык деңгээлдеги судьяларды бекитүү, Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн жарымын кийинки экинчи мөөнөткө дайындоого чейин кеңейтилген. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын саны 90 чейин кыскартылган, аларды шайлоо шарттары кошумча кабыл алынган мыйзамдар менен аныкталат. Министрлер кабинетин Президенттин администрациясынын башчысы жетектейт. Мындан сырткары, мыйзам чыгаруу демилгеси Президенттен башка Элдик курултайга, Жогорку Сотко жана Генералдык прокуратурага берилди. *[Электронный ресурс: // URL: https://rus.azattyk.org/a/v-kyrgyzstane-nachal-deystvovat-novyy-osnovnoy-zakon/31238950.html загл. с экр.]*.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ролун азайтуну жана Президенттин ыйгарым укуктарын күчөтүүнү теориялык-конституциялык негизде түшүнүүнү деталдаштыруу максатка ылайыктуу. Алсак, Борбордук шайлоо комиссиясынын маалыматы боюнча 2021-жылдын апрелиндеги референдумда президенттин ыйгарым укуктарын күчөткөн Кыргыз Республикасынын жаңы Конституциясынын долбоорун 79% ашуун шайлоочулар колдогон, башкача айтканда 1млн. ашуун адам добуш беришти. Ал эми кыргызстандык электораттын 13% каршы добуш берген.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы парламенттик-президенттик республикадан президенттик башкаруу формасына өтүү шартында саясий-укуктук мамилелердин өнүгүүсүнүн жаңы этабына алып келди. Ал гана эмес, Конституцияга Элдик Курултайдын (Эл жыйыны) жаңы институт катары киргизилишин белгилеп кетүү зарыл, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын саны 120дан 90 депутатка чейин кыскарды. Жаңылануу демилгелери 2021-жылы мөөнөтүнөн мурда өткөрүлгөн президенттик шайлоодо жеңип чыккан С.Н.Жапаровдун концептуалдык сунуштарында белгиленген.

**«Кыргыз Республикасындагы укуктук реформаны жүргүзүү контекстиндеги сапаттык трансформациялар»** аттуу төртүнчү главанын үчүнчү бөлүмүндө эл аралык укуктук форматта эксперттик коомчулукта КР саясий системасы формасы жана мазмуну боюнча демократиялуу деп эсептелгени белгиленет. Албетте, саясий системанын демократиялык саясий жана укуктук негиздери саясий бийликти уюштуруунун принциптерин жана ченемдерин түптөйт.

Ал эми саясий бийлик жөнүндө айтсак, ал мамлекеттик бийлик формасы аркылуу жүргүзүлөт, анткени:

- бийликтин булагы жана социалдык базасы катары элдин эркин билдирет;

-бийликтин механизми катары белгиленген органдардын бар экенин айгинелеген мамлекеттик аппарат аркылуу бийликти жүзөгө ашырат.

Изденүүчүнүн айтымында саясий системанын борбордук элементи анын институционалдык жактан түзүлүшүнө жана негизги саясий институттарынын калыптанышына өбөлгө түзөт. Алсак, мамлекеттин институционалдык форматы саясий бийликтин концептуалдык уюштурулушун жана аны ишке ашырылышын билдирет. Саясий бийлик саясий принциптерге, позитивдүү укуктун ченемдер, жол-жоболорго негизделет жана укуктук принцип жана ченем менен мүнөздөлөт.

Акыркы 30 жыл ичинде Кыргызстан либералдык баалуулуктарга жана демократиялык коомду курууга багыт алган. Кыргызстанда жалпысынан, төмөнкүлөр таанылган:

- Кыргызстан дүйнөлүк коомчулук тааныган эгемен жана көз каранды эмес мамлекет;
- саясий системаны институционалдыштыруу туруктуу мүнөздөгү либералдык демократиялык баалуулуктарды ачык көрсөтөт;
- саясий жана мамлекеттик бийликтин жаратылышынын өзгөрүшү;
- бардык сфералардын негизги трансформациялары бар;
- саясий элита менен лидерлердин калыптанган;
- көп партиялуу системанын пайыздык генези бар;
- структуралык саясий оппозициянын бар болушу;
- укуктук мамлекетти куруп жаткандыгы;
- экономикалык жана саясий эркиндиктин, плюрализмдин бар болушу;

Демократиялык коомго таандык жогоруда көрсөтүлгөн элементтер кыргызстандык коомду демократиялаштыруу жаратылышын аныктайт жана төмөнкүлөрдү ырастоого мүмкүндүк берет.

- Саясий система мамлекеттен ажыратуу, приватташтыруу процесстеринин негизинде жеке менчикти таанууга жана институтташтырууга негиз болгон экономикалык жашоо турмуштун модернизациясына тикелей багыттаган коомдун социалдык-экономикалык негизи аркылуу аныкталат.
- Саясий чөйрөдө шайлоо укугунун, партиялардын өкүлчүлүктөрүнүн, демократиялык башкаруунун, күчтүү оппозициянын жана жарандык коомдун жаңы үлгүсүнө өтөт.
- Либералдык демократиянын идеялары Кыргыз Республикасындагы саясий аң-сезим менен жана маданиятта калыптанат.
- Кыргыз Республикасындагы саясий этникалык биримдүүлүктүн жаңыланган жалпы улуттук идеологиясы өзүн-өзү жана инсанды идентификациялоо процесстери менен тыгыз корреляция аркылуу жүргүзүлөт.

Диссертанттын айтымында, Кыргыз Республикасы үчүн батыштын жана чыгыштын саясий демократиясынын синтези контекстинде улуттук саясий-коомдук өнүгүү үлгүсүн тандоо өтө актуалдуу болуп саналат. Демек, конституциялык түзүлүш бүтүндүгүн жана кол тийбестигин, кыргызстандык коомдун туруктуулугун сактоо форматында өткөөл мезгил этабында саясий жөнгө салуу маселеси актуалдаштырылат.

## ТЫЯНАКТАР

Кыргыз Республикасынын эгемендигин жарыялоо жаңы саясий системаны түзүүгө негиз болду. Алсак, диаметралдык көз караштар мамлекеттин саясий системасын түзүүнүн, өнүгүүнүн экономикалык, саясий, социалдык негиздерин, мамлекет куруунун тарыхый өзгөчөлүктөрүн эске албастан чет өлкөлөрдүн мамлекет куруу, мамлекеттик органдарды уюштуруу тажрыйбасын терең ойлонбостон көчүрүп алган. Ошондой эле

Кыргыз Республикасынын эгемендиги жарыялангандан тартып экономикалык жана саясий социалдык чөйрөлөрдө олутуу жылыш пайда болгон.

Бул трансформациялар экономикалык өсүштүн тездигинде, совет мезгилинде жетишкен билим, илим, маданияттын жалпы бийик деңгээлинде, жалпысынан, көп улуттуу кыргызстандык коомдун туруктуулугунда чагылдырылган.

Глобалдык дүйнө тартибинин контекстинде Кыргыз Республикасынын саясий системасын түптөө жана өнүктүрүү маселеси модернизация концепциясын батыш демократиянын тажрыйбасын түшүнүү менен евразия мекиндигиндеги саясий процесстерди талдоо алкагында саясий укуктук реалдуулукка толугу менен дал келбестигин моюнга алуу максатка ылайык.

Көрсөтүлгөнгө байланыштуу, Кыргызстандагы саясий системанын конституциялык укуктук регламентациясынын өзгөчөлүктөрүн, негизги багыттарын жана механимздерин аныктоо аркылуу Кыргызстандын саясий системасынын институицоналдык өнүгүүсүн изилдөө жетишеерлик актуалдуу жана мезгилге шайкеш деп саналат. Коомдук турмуштун баардык чөйрөлөрүн демократизациялоо процесстери жаңы кубулуштардын маңызын объективдүү чагылдырган, аларды изилдөөнүн эффективдүү каражаты катары саналган негизги түшүнүктөр аппаратын өркүндөтүүнү актуалдаштырат.

## СУНУШТАР

Кыргыз Республикасынын саясий системасын комплекстүү конституциялык укуктук талдоо структуралык жана процедуралык жолдордун элементтерин синтездештирүүнүн негизинде тажрыйбалык сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Бул жагдай универсалдаштырылган көп ченемдүү үлгүлөрдү усулдук жактан бир нече багытта иштеп чыгууга өбөлгө түзөт, анын ичинде заманбап посткоммунизмдин интеграцияланган теориясы да бар.

Мындай позициялардын утопиялык мүнөзүнө карабастан, теориялык жактан гана эмес пандемиядан кийинки дүйнө тартибиндеги «орточо класcты» тегиздөө, жалпылоо тенденциясы байкалган мезгилде жана «мегакорпорация - дигиталдырыштырылган дүйнөдө багытын аныктоо көндүмдөрүнө ээ болгон санариптик инсан» үлгүсү боюнча дихотомиялык коомду түзүү учурунда болушу мүмкүн.

### Иш жүзүндө

1. Кыргыз Республикасынын «Коомдук бирикмелер жөнүндө» мыйзамына төмөнкүдөй бир катар тактоолорду киргизүү талап кылынаарын таануу керек:
   - ишмердигинин регламентациясына боюнча;
   - уюштуруу съездин, конференциясын өткөрүү боюнча;
   - жетекчи органдарын түзүү, алардын уюштуруу-укуктук формасы боюнча;
2. Өкмөттүн структурасынын өзгөрүшү штаттардын негизсиз оптимизациясы, кадрлардын кыскартылышы ар бир министрликтин иш концепциясынын өзгөрүшүнө жана, эң негизгиси, аткаруу бийлигинин аткаруучулук жөндөмүн төмөндөтүүгө алып келет.

Жогоруда көрсөтүлгөнгө байланыштуу саясий жана административдик кызматтардын ортосундагы мамилелердеги көйгөйлөр, структураны реорганизациялоо процессиндеги административдик жана саясий кызматтардын негизсиз айырмаланышы реестрдин өзгөрүлүшүнө өбөлгө түзүп келишпестиктерди пайда кылат.

Жогорку *бийликтин* жана өкмөттүн алмашылганы ортонку баскычтагы башкаруучулардын алмашуусуна алып келет, ал эми бул көрүнүш жалпысынан мамлекеттик башкаруу түзүмүнө терс таасирин тийгизет. Албетте, башкаруунун ортоңку катмары Кыргыз Республикасынын министрликтердин жана ведомстволордун «институционалдык эс тутумун» алып жүрүүчү деп эсептелет. Мындай жагдай

материалдык ресурстардын чыгымына алып келет, демек, саясий курс фрагментацияга жана үзгүлтүккө дуушар болот.

**Көрсөтүлгөнгө байланыштуу:**

3. Кадрларды, алардын резервин ротациялоо институтун кайрадан жаңыртуу.

4. Кирешелерди жыл сайын индексациялоо зарыл, анткени жетекчилердин орточо эмгек акысы салыштырмалуу төмөн бойдон калууда, мындай көрүнүш мамлекеттик кызматтын имиджине жана жагымдуулугуна терс таасирин тийгизип жаңы даярдалган кадрлардын агымы токтоп калышы мүмкүн.

5. Мамлекеттик башкаруу системасында жетекчилердин негизги өзөгүн өзгөртүүсүз сактап калуу зарыл («Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамга кошумчаларды иштеп чыгуу менен).

6. Кыргыз Республикасынын Эмгек мыйзамдары да жаңыланууга муктаж. Рыноктун талаптарын эске алуу менен жумушчуларды компетенциясына ылайык алмаштыруу маселелесин жөнгө салуу зарыл.

7. Өзүнүн функцияларын аткарууну токтоткон өкмөт жаңы өкмөткө иштерди өткөрүп берүү ыкмасын колдонуу аркылуу бийликтин үзгүлтүксүздүгүн камсыздоосу зарыл. Мындай жагдай мамлекеттик башкаруудагы тартипти жана системдүүлүктү түзүүдө иштиктүү механизм болуп калмакчы.

8. Кыргыз Республикасынын саясий *системасынын* ишиндеги тең салмактуулукту жана уланып жаткан институционалдыштырууну күчөтүү максатында мамлекеттик органдардагы этникалык азчылыктын пропорционалдуу өкүлчүлүгүн камсыздоо маселесинде жана кабыл алынган Кыргыз Республикасынын «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» мыйзамына ылайык, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында гендердик квотаны жылдыруу маселесинде оптимизация зарыл.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган**
**эмгектердин тизмеси:**

Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору, натыйжалары жана тыянактары изденүүчү Колсариева Н. тарабынан илимий журналдардагы жана башка басылмалардагы 40 макалада баяндалган:


1. *Колсариева Н.,* Место и роль государства в политической системе общества. //Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2011. – № 11. – С. 35-38

2. *Колсариева Н., Политические партии- как политический институт политической системы общества // Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2011. – № 11. – С. 79-81.*

3. *Колсариева Н., Разделение власти - основа формирования формы правления государства // Ученые записки Академии экономики и права. Республика Казахстан. – 2013. – №1 (24). – С. 51-55*

4. *Колсариева Н., Гражданское общество и правовое государство // Хабаршы ( Вестник) Алматы. – 2013. – № 2 (32). – С. 70-75*

5. *Колсариева Н., Конституционно-правовые основы правового статуса человека и гражданина // Вестник Кыргызской государственной юридической академии. – Бишкек, 2013. – № 4 . – С. 57-63.*

6. *Колсариева Н., Конституционно-правовые основы политической системы КР // Вестник Академии МВД им. генерал-майора милиции Алиева Э. А. – Бишкек, 2013. – № 1. – С.114-118.*

7. *Колсариева Н., Политическая власть: сущность, специфические черты и легитимность. // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2014. – № 3. – С. 192-196.*

8. *Колсариева Н., К вопросу о нормативно-правовой основе политической системы КР. // Научно-методический журнал Право и политика. – Бишкек, 2014. – № 2. – С. 6-10.*

9. *Колсариева Н., Роль демократии в формировании политической системы // Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2014. – № 2. – С. 105-107.*

10. *Колсариева Н., Реформирование политической системы в условиях демократизации общества // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2014. – № 1. – С. 166-168.*

11. *Колсариева Н., Политическое прогнозирование как элемент методологического исследования политической системы // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2014. – № 5. – С. 162-165.*

12. *Колсариева Н., Правовые проблемы формирования институтов гражданского общества в Кыргызстане //Сборник материалов международной научно-практической конференции РГСУ. – Ош, 2014. – С. 134-139*

13. Правовые основы Кыргызской государственности в годы независимости // Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2014. – № 9. – С. 71-73.

14. Колсариева Н., Сравнительный анализ понятия политической системы в советской и зарубежной науке // Научно-методический журнал Право и политика. – Бишкек, 2014. – № 3. – С. 5-9.

15. Колсариева Н., Понятие типологизации политических систем // Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2015. – № 5. – С. 252-254

16. Колсариева Н., Некоторые особенности политической системы современного общества // Научно-методический журнал Право и политика. – Бишкек, 2015. – № 2. – С.18-22.

17. Колсариева Н., Международные стандарты в области прав человека и национальное законодательство // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2015. – № 12. – С.74-77.

18. Колсариева Н., Сравнительный анализ политических систем Кыргызстана и постсоветского пространства // Вестник научных конференции. – Тамбов, 2015. – № 4-6. – С.46-49.

19. Колсариева Н., Понятие, концепции и элементы гражданского общества // Вестник Академии МВД им. генерал-майора милиции Алиева Э. А. – Бишкек, 2015. – № 3. – С.106-109.

20. Колсариева Н., Права и свободы - как элемент правового статуса человека и гражданина в КР // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2015. – № 6. – С. 113-116.

21. Колсариева Н., Понятие политической власти и ее сущность // Вестник Академии МВД им. генерал-майора милиции Алиева Э. А. – Бишкек, 2016. – № 4. – С.38-41.

22. Колсариева Н., Политические партии как ключевой элемент гражданского общества // Актуальные проблемы гуманитарных и естественных наук. – Москва, 2016. – № 2-4. – С.178-182

23. Колсариева Н., Правовой подход в определении разновидностей политической системы // X международная научно-практическая конференция «Проблемы и перспективы современной науки». – Москва, 2016. – № 10. – С. 65-71

24. Колсариева Н., Правовое регулирование деятельности политических партий в КР// Приоритетные задачи и стратегии развития юриспруденции сборник научных трудов по итогам международной научно-практической конференции. – Тольятти, 2016. – С.13-15

25. Колсариева Н., Некоторые проблемы взаимосвязи правовой и политической системы // Евразийский союз ученых: Актуальные проблемы в современной науке и пути их решения». – Москва, 2016. – № 6-4 (27). – С. 14-16

26. Колсариева Н., Некоторые проблемы взаимодействия гражданского общества и правового государства //

27. Колсариева Н., Международный журнал Прикладных и фундаментальных исследований. – Москва, 2016. № 11. – С. 348-351 // Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2016. – № 12. – С. 78-80

28. Колсариева Н., Constitutional and legal consolidation of political rights and freedoms of human and civil in the Kyrgyz Republic // International Conference European Science and Technology. –Germany, 2016. – С. 242-246

29. Колсариева Н., Понятие политической власти и ее сущность // Wschodnioeuropejskie Czasopismo Naukowe. – Варшава, 2017. – № 1-2. – С. 119-121.

30. Колсариева Н., Парламентские фракции как неотъемлемый элемент парламентаризма // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2017. – № 11. – С. 31-33.

31. Колсариева Н., Актуальные проблемы развития политической системы Кыргызской Республики на современном этапе // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2018. – № 12. – С. 40-42

32. Колсариева Н., Роль государства в политической системе общества// Вестник Ошского государственного университета. – Ош, 2021. – Т.2, № 3. – С. 279-287.

33. Колсариева Н., Политические процессы как факторы, влияющие на политическую систему// Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2021. – № 6. – С. 89-93.

34. Колсариева Н., Саясий система менен жарандык коомдун өз ара байланышы // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2021. – № 6. – С. 84-88.

35. Колсариева Н., Некоторые проблемы становления и развития суверенного Кыргызстана // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2021. – № 10. – С.. 58-62.

36. Колсариева Н., Theoretical and Legal Understanding of the Category “Political System” in the Context of Development in Central Asian Governments // Open Journal of Social Sciences. –2021. – Vol. 9, № 9. – P. 128-142.

37. Колсариева Н., Some Constitutional and Legal Aspects in Society Political System Structure // Open Journal of Social Sciences. –2021. – Vol. 9, № 9. – P. 31-41.

38. Колсариева Н., Институт президентуры и его влияние на политическую систему КР // Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2022. – № 4. – С. 61-65.

39. Колсариева Н., Некоторые проблемы функционирования демократической политической системы КР // II Международное книжное издание стран Содружества Независимых Государств «Лучший педагог -2022». – Казахстан, 2022. – Т. IV. - С. 68-72

40. Колсариева Н., Вклад Д. Истона в изучение политической системы, как политико-правовой категории // Бюллетень науки и практики.

– Нижневартовск, 2023. – Т. 9, № 3. – С. 304-311 // Бюллетень науки и практики. – Нижневартовск, 2023. – Т. 9, № 3. – С. 304-311.

**12.00.01. укук жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги жана 12.00.02. конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридикалык илимдердин доктору илимий даражасына изденүү үчүн Назира Шаршенбековна Колсариева жазган «Кыргыз Республикасынын саясий системасынын конституциялык-укуктук негиздери» аттуу диссертацияга**


**Резюме**

**Негизги сөздөр:** саясий система, конституциялык-укуктук негиздер, конституция, саясий институт, коомдук уюмдар, саясий партиялар, укуктук маданият, укуктук аң-сезим, социум, мамлекет, мыйзам.

**Изилдөөнүн объектиси болуп** Кыргыз Республикасынын саясий системасынын калыптануу процесси менен байланышкан конституциялык-укуктук мамилелер эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети катары** Кыргыз Республикасынын саясий системасынын калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн теориялык-укуктук жана ченемдик негиздери алынган.

**Изилдөөнүн максаты**, бул Кыргыз Республикасынын саясий системасынын конституциялык-укуктук өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктоо

**Диссертациянын методологиясын** тарыхый, салыштырма-укуктук, структуралык-функционалдык, институционалдык жана башка теориялык жана конституциялык-укуктук талдоо ыкмалары түзгөн.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын жаңылыгы**

Кыргыз Республикасындагы саясий системанын институционалдык өнүгүү процесстерин комплекстүү конституциялык укуктук талдоо боюнча аракеттердин бири болуп саналганы. Мында саясий системаларды модернизациялоо үчүн теориялык жактан жана иш жүзүндө колдонуу боюнча маанилүү бир катар аспектилер актуалдаштырылган. Илимий жаңылыгы ошондой эле саясий системалардын өнүгүү аспектилери теориялык методологиялык горизонттторду кеңейткен концептуалдык жоболорду эске алуу менен каралганы шартталган жана саясий укуктук реформалар контекстинде саясий системалардын өзгөчөлүгүн жалпылайт.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** изилдөөнүн жыйынтыгында алынган негизги жоболорду, жыйынтыктарды, практикалык сунуштарды социалдык саясий илимдер, анын ичинде политология илими алкагында саясий системаларды институционалдык жактан өнүктүрүүнү жана өркүндөтүүнү, жүзөгө ашырууну камсыздоо маселелерин кароодо колдонсо болот.

**Колдонуу чөйрөсү:** изилдөөнүн жыйынтыктары мамлекеттик органдардын жана коомдук бирикмелердин Кыргызстандын саясий системасын оптимизациялоо жана модернизациялоо боюнча чараларды иштеп чыгуу ишмердигинде пайдаланууга мүмкүн. Изилдөөнүн илимий-практикалык жыйынтыктары студенттер жана аспиранттар үчүн окуу колдонмолорду, атайын курстарды иштеп чыгууда негиз боло алат, ошондой эле «Мамлекеттин жана укуктун теориясы», «Кыргыз Республикасынын конституциялык укугу» курстарына киргизилиши мүмкүн.

**Резюме**

**диссертации Колсариевой Назиры Шаршенбековны на тему: «Конституционно-правовые основы политической системы Кыргызской Республики», на соискание ученой степени доктора юридических наук по следующим специальностям: 12.00.01 – теория и история права и государства; история учений о праве и государстве и 12.00.02 – конституционное право; муниципальное право**.

**Ключевые слова**: политическая система, конституционно-правовые основы, конституция, политический институт, общественные организации, политические партии, правовая культура, правовое сознание, социум, государство, закон.

**Объектом исследования** являются конституционно-правовые отношения связанные с процессом формирования политической системы Кыргызской Республики

**Предметом исследования** теоретико-правовые и нормативные основы формирования и развития политической системы Кыргызской Республики.

**Цель исследования** - определение особенностей конституционно-правового развития политической системы Кыргызской Республики.

**Методологию диссертации** составили исторический, сравнительно-правовой, структурно-функциональный, институциональный, другие методы теоретического и конституционно-правового анализа.

**Полученные результаты и их новизна** заключается в том, что представленное исследование является одной из попыток комплексного конституционно-правового анализа процессов институционального развития политической системы Кыргызской Республики, где актуализирован ряд аспектов, имеющих важное теоретико-прикладное значение для модернизации политических систем. Научная новизна также обусловлена и тем, что аспекты развития политических систем рассмотрены с учетом концептуальных положений, что расширяет теоретико-методологические горизонты и обобщает особенности политических систем в контексте политических и правовых реформ.

**Рекомендации по использованию** определяются возможностью использования основных положений, выводов и практических рекомендаций, полученных по результатам исследования, а также их внедрения при рассмотрении проблем обеспечения, реализации и совершенствования институционального развития политических систем как социально-политического явления в рамках социально-политических наук, в том числе и политологии.

**Область применения**

Результаты и итоги исследования могут быть использованы в практической деятельности госорганов и общественных объединений для выработки мер оптимизации и модернизации политической системы Кыргызстана. Научно-практические результаты исследования могут стать базой в процессе подготовки учебных пособий, разработки спецкурсов для студентов и аспирантов и могут быть внедрены в курсы: «Теория государства и права», «Конституционное право Кыргызской Республики».

## Abstract

of **Kolsarieva Nazira Sharshenbekovna**'s dissertation on the topic: "Constitutional and legal foundations of the political system of the Kyrgyz Republic", for the degree of Doctor of Law in the specialties: 12. 00. 01 – theory and history of law and the state; history of the doctrine of law and the state; 12. 00. 02 – constitutional law; municipal law

**Key words**: political system, constitutional and legal foundations, constitution, political institution, public organizations, political parties, legal culture, legal consciousness, society, state, law.

**The object of the study** is constitutional-legal relations related to the process of formation of the political system of the Kyrgyz Republic

**The subject of the study** is theoretical-legal and normative bases of formation and development of the political system of the Kyrgyz Republic.

**The aim of the study** is to determine the peculiarities of constitutional-legal development of the political system of the Kyrgyz Republic.

**The methodology** of the dissertation research has been presented by historical, comparative legal, structural and functional, institutional, and other methods of theoretical and constitutional legal analysis.

**The results obtained and their novelty** lie in the fact that the presented study is one of the attempts of a comprehensive constitutional and legal analysis of the processes of institutional development of the Kyrgyz Republic political system, where a number of aspects of important theoretical and applied importance for an innovation of political systems are updated. The scientific novelty is also due to the fact that aspects of the development of political systems are considered taking into account conceptual provisions, which expands theoretical and methodological prospects and generalizes the features of political systems in the context of political and legal reforms.

**Recommendations for use** are determined by the possibility of using the main provisions, conclusions and practical recommendations obtained from the results of the study, as well as their implementation when considering the problems of ensuring, implementing and improving the institutional development of political systems as a socio-political phenomenon within the framework of socio-political sciences, including political studies.

**Scope of application**

The outcomes and overall results of the study can be used in the practical activities of government agencies and public associations to develop measures to enhance and update the political system of Kyrgyzstan. The theoretical and practical results of the research can become the basis for preparation of textbooks, the development of special courses for students and postgraduates and can be implemented in courses: "Theory of state and law», "Constitutional law of the Kyrgyz Republic".

